66.3(2)кирг
М 22



Абдулазиз Маметбакиев

# ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮРЛӨР

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

Формуляр книги

66.3(2)к 407373
М22 Маметбакиев А
Арноктуу омурлор
0-10т.

66.3(2)кир
М22

МАМЕТБАКИЕВ А.

# ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮРЛӨР

О

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 407373

АБОНЕМЕНТ

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1990

ББК 66.3
М 22

**Маметбакиев, Абдулазиз.**
М 22 Өрнөктүү өмүрлөр. — Ф.: Кыргызстан, 1990.— 68 б.

ISBN 5-655-00582-4

Китепке Улуу Октябрь революциясынан кийинки Кыргызстандагы уйгур элинин көрүнүктүү алгачкы муундары тууралсындагы баяндоолор киргизилген.

Окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

**ББК 66.3**


М $\frac{0803010200-56}{М\ 451\ (11)-90}$ 23—90.

В книгу вошли очерки об уйгурской интеллигенции Киргизстана. Написано живо, интересно.

Рассчитана на массового читателя.

ISBN 5-655-00582-4
© Маметбакиев Абдулазиз, 1990-ж.





## АРДАГЕР

Эмгектенген адамдын,
Жүзү жарык ар качан.
Эмгектенбес жалкоонун,
Жолу болбос эч качан!

Ачылбаган байлыктын,
Эмгек болоор ачкычы.
Эмгек — жанга дем берет,
Эмгек — өмүр баскычы.

Улуулугу адамдын,
Ак эмгектен жаралган!
Жүрөктөргө — жашоонун,
Махабаты таралган!

Эмгекти сүйгөн адамдын,
Нур чачырайт жүзүнөн,
Эл, Мекендин сыйлыгы,
Жалтылдап турат төшүнөн!!!

(Эл оозунан)

Эл оозунда айтылып келаткан бул ырдын маңызын Хашим аке эрте, бала кезинен туура түшүндү. Муну эсинен чыгарбай, турмушунда эмгекти бийик тутуна жашоосу анын ушунчалык бийиктикке көтөрүлүшүнө тутка болсо керек. Анын үстүнө адам баласынын турмушунда башынан кечирген окуяларынын орчундуулары түгөл бойдон

эсинде сакталып кала берет тура. Алардын айрымдары жүрөктүн тереңинен жай тапса, айрымдары кээде гана, көргөн түш сыяктуу, ыңгайлуу учурларда эске түшө калат. Ошол жүрөктүн түпкүрүндө калгандар адамдын өмүрүнүн акырына чейин демине-дем, күчүнө-күч кошуп ага канат күттүрөт. Зээндүү адам аларды бат-бат көз алдынан талдап өткөрүп, алардын алгылыктууларын элдин кызматына коюуга аракеттенет. Эгерде ал калкынын, Ата Мекенинин тагдырына тутумдашып, кандайдыр калтырган изи болсо, адам ошонусу менен өмүр бою сыймыктанат. Анткени анын бул эмгеги элге, келечектеги муундарга кызмат кыларына турмуштун тутумунда жалп этип өчпөстөн, аны менен үндөшө жаңырык жаратаарына ишенимди жаратат.

Партиянын ветераны Хашим Касымовдун балалык чагы, бүткүл өмүрү өзүнүн муундаштарыныкына окшош болгону менен анын басып өткөн жолу аттын кашкасындай даана айырмаланып турат. Анткени ар бир адамдын өз жашоосуна жараша калтырган турмуштагы изи болот эмеспи. Бул кишинин дайынын укканымдан соң, сураштырып жүрүп, акыры издеп таптым. Ал киши узун бойлуу, кең далылуу, буудай өңдүү, кара көздүү, коюу каштуу келишкен адам экен. Салабаттуу турпатынан, салмактуу көз караштарынан улам көптү көргөндүгү, зиректиги байкалып турду.

Хашим Касымович оор-басырыктуу, уйгурларга таандык меймандостугу менен каршы алды. Жайланып отурганыбыздан соң, менин келген максатымды толук билгенден кийин, саал ойлоно түшүп, анан сөз учугун улады:

— Менин турмушумдагы көргөн-билгендерим айрым учурларда өзүмдү дагы толгондурат, ойго салып коёт. Ошого карап мен өз өмүрүмдүн бошко өтпөгөндүгүн түшүнөм. Мен суу электр станцияларында, өз сүйгөн кесибимде көп жылдар бою эмгектенгеним үчүнбү, айтор, өмүр жолум ушулар менен наркtуудай туюлат. Турмуш дегенибиз толкундап аккан дарыя шекилдүү. Өз өмүрүмдө көптөгөн ГЭСтерде эмгектендим. Азыр алардан канчалык ыраакта сам дагы, баары бир эле көңүлүмдү ошолор жаркыратып тургансыйт...

Хашим ага бул сөзүнөн соң түнжурап, көгкө ойлуу отурду. Ушул чакта менин көз алдыма эмнегедир, балалык чагымдагы башымдан сылаган энем элестеп кетти. Ал мага сүйлөгөндө анын ички дүйнөсүндө кайнап жаткан мээримдүүлүктүн оргуштаган булагынан чыгып жатканын сезчүмүн. Чындыгында эле адам кээде болор-болбос нерседен улам өмүрүндөгү бүтүндөй бир окуяны эстөөгө



мажбур болот эмеспи. Сезим күчүнүн улуулугу мына ушунда!..

— Өмүр жолумду баштан аяк кайрадан эстөө, чынын айтсам,— деп андан ары сөзүн улап кетти Хашим ага: — мага ырахат багыштайт. Бирок, анын бардыгын баяндап чыгууга биздин убактыбыз жетпейт.

Хашим Касымович ордунан ойлуу туруп, стол үстүнөн бир катты алып, көз жүгүртө баштады.

Чардара ГЭСи жана суу плотинасынын негизин куруучулардын бири, алардын курулушуна көп жылдар бою жетекчилик кылган Хашим Касым уулунун наамына Чардара Музей үйүнүн дирекциясынын ага жиберген катында төмөнкүлөр жазылган экен.

«Урматтуу Хашим Касымович!

Биз Чардара шаарынын эң алгачкы куруучуларынын атынан Сизге өтүнүч менен кайрылабыз. Сиз 1960-жылы башталып 1964-жылдын 10-октябрында Сыр-Дарыя суусун байлоо менен аяктаган Чардара Гидроузелинин негиздөөчүлөрүнүн бирисиз.

Сиз бул жерге биринчи жолу 1958-жылы 9-августта «Кумду кургатуу» үчүн палатка тиккенсиз. Ошону менен биринчи болуп, бул учу-кыйырсыз мелмилдеген талаада Чардара ГЭСи курулган. Тарыхта суусуз чаңкаган Кызыл Кум чөлүнө сымаптай суу биринчи жолу кылкылдап аккан. Сиздин колуңуз менен башталып, сиздин колуңуз менен аяктаган бул зор эмгектин үзүрү сиздин көз алдыңызда турду. Өз-ара тажрыйба алмашуу үчүн уюштурулган достук мамилелерде Сиз Куба, Франция, Венгрия, Индия, Бириккен Араб республикасы жана башка чет мамлекеттердин делегацияларын кабыл алгансыз. Сиз ушул жаш райондон Францияга дагы баргансыз. Булардын баары кинолента сыяктуу сиздин көңүлүңүздө элестүү сакталуу экенин билебиз. Ушул фактылардын баардыгын жазып жөнөтсөңүз...»

Каттын соңунда бул чексиз зор гидротехникалык объектинин курулушундагы анын эмгегине жогору баа берилүүчү музей үйүндө атайын бурч ачылаарын, ошондуктан колунда бар материалдарды, сүрөттөрдү жана урунттуу окуяларды жазып жөнөтүүнү өтүнүч кылышкан.

Элүү жети жылдан бери коммунисттик партиянын катарындагы Хашим Касымович кадимки күүсүнөн жазган эмес. Азыр 80 жашка киргенине карабастан так, даана, мазмундуу сүйлөп отурду.

...Хашим Касымов 1907-жылы уйгур районунун Галжат айылында туулган. Алма-Атадагы Зарват мектебин бүтүргөндөн кийин окууга деген оттуу максаттарынын аркасы-

нан сая түшүп Фрунзе шаарына келди. Андан соң Ташкен шаарына карап жол алды. Бул 1927-жыл эле. Биринчи жолу кадамы түшкөн бул шаарда дагы көптөгөн кыйынчылыктарга туш келди. Ачка, жылаңаяк калган күндөрү да болду. Турмуштун дал ушундай алгачкы сыноолору аны ойлонууга, кыйынчылыктарга баш ийбөө үчүн акыл паразатын аракеттентүү, оор кырдаалдан жол таап чыгууга үйрөтө баштады. Адам баласы өз максатын көздөп, сапар жолуна чыкканда кээде чегинүүлөргө дуушар болоору табигый нерсе. Кээде түз жолдон адашкандар да болот. Демек алардын дилдеги улуу максаттары ишке ашпастан тагдыры башка нукка түшөөрү, албетте, баарыга маалым. Ал эми кайраттуулар болсо, ошол ашуусу бийик, тайгак жолдуу дабандардан да кайра тартпастан, көздөгөн максатына умтулушат, ага жетмейинче жандары тынчыбайт.

Демек, алар көздөгөн максаттарын туу тутат. Уйгур калкы айткандай: «тагдырың аргаңа жараша болот». Эч кимдин бешенесине жашоо тагдыры жазылган эмес. Ар ким өз жөндөмүнө жараша аракеттенип, тагдырын өзү жөндөйалары да белгилүү. Хашим ага алга басуудан талыкпады, тартынып кысынган жок. Акырында Түркстан компартиясынын борбордук комитетинин Орто Азия бюросуна келип, өзүнүн баардык абалын баян кылды. Ал жердегилер Хашим аганы Гидротехникалык адистерди даярдай турган техникумга жөнөтүштү. Орус тилинен башка илимдердин баарынан жакшы деген баалар менен экзаменден өттү. Тек гана орус тилинен начар баа алды. Көп ойлонуп, миң толгонуп, дагы да Орто Азия бюросуна келип кайрылды. Бюро кызматкерлери акыбалдан кабардар болгондон кийин, илимге талаптуу, эмгекчил, тырышчаак аракетин байкашып, бул уйгур баласына мээрбан мамиле кылышып, кат салынган конвертти колуна беришип, Хашим Касымовго: «Бул катты түз гана директордун өзүнө бергин» — деп жөнөтүшкөнүн айтып туңжурай ойлоно, негедир жылмайып койду, анан күлөбагып сөзүн улады.

— Мына мен азыр достуктун, тынчтыктын тили — орус тилин сүйөм, эгерде менден азыр экзамен алса деле төрткө тапшыраарымда эч бир күмөнүм жок. Ушул тилдин жардамы менен дүйнөгө көзүм ачылгандыгы үчүн орустун жардамы менен дүйнөгө көзүм ачылгандыгы үчүн орустун жазуучу акындарынын чыгармалары менен таанышкандыгым үчүн, Лениндин, Маркстын, Энгельстин китептери аркылуу дүйнөгө материалисттик көз караштарым калыптангандыгын мойнума аламын, ыраазылыгымды билдирем...

Техникумга киргенден кийин Хашим Касымович орус тилин жакшы өздөштүрүү үчүн тынбай окуду. Техникумдун өзүндөгү орус тилин билбеген аз сандагы улуттардын балдарына жакшы жардам берилип, алардын ар бирине үч-төрттөн орус баласын бекитишти. Ушундай бир туугандык жардамы аркасында жана өзүнүн тырышчаактыгынан улам көп кечикпей эле ийгилик жарала баштады.

Жыл айлангандан соң Хашим Касымович таанылгыс болуп, кайрадан жаралгандай белсемдүү активдердин бирине айланып, 1200 студенттүү техникумдун комсомол комитетинин секретарынын милдетин аткарууга киришти. 1929-жылы Өзбекстан комсомолунун IV съездине делегат болуп катышты.

— Биз окуган мезгилде,— деп эскерет Хашим Касымов. — Акыбал өтө оор эле... Ички душмандар тынчытпай, тиричиликтин ансыз да башаламан агымын ого бетер татаалдантып жатты. Ушундай шартта аракеттенүү ар кимдин колунан келе бербейт эле. Бир жагынан окусак, экинчи жагынан, бошой калганда, каникул күндөрдө да жүгүрүп иштөөгө туура келүүчү. Кыскасы, биз эң негизги маселелерге өз көңүлүбүздү бура алдык. Окуунун татаалдыгынан болсо керек, техникумга кирген аз сандагы улут балдары адегенде жетимиш болсо, акырында он жети бала калдык. Келечекке деген максатымды түркүн кыйынчылыктар да мокото албады. Ал жылдар бизди чыдамдуулукка, эмгекке, күрөшкө тынбай окууга, достукка Ленинче көз карашка үйрөттү. Мекенге, элге деген акыйкат сүйүүнү ойготту. Келечекке кол создуруп, кызыгууларды козгоду. Чыныгы маанидеги Ленинче көз караштты дилибизге орнотту. Ошон үчүнбү, биз ушул карыган жылдарыбызда да дал ушул идеялар менен жашап жатабыз. Биз ал жылдарда «Болот кантип курчуду» романындагыдай таптоодон өткөн элек. Ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү экендигибизге карабай, бир үй-бүлөдөй ынак элек. Чоң жана жергиликтүү улутчулдукка каршы аёосуз күрөштүк. Биздин Лениндик партияга ишенимибиз күн сайын бекемдеп турган эле...

Хашим ага окууну аяктагандан кийин уйгур районуна жөнөтүлдү. Ал райондо райондук суу чарба бөлүмүн башкарды. 1936-жылы ал Кызыл Ордо облласттык суу чарба башкармасынын башчысы болуп дайындалды. Ал убактарда бул областта суунун кенен пайдалануу абалы өтө төмөнкү даражада эле. Ишке киришкенден аз убакыт өткөндөн кийин Хашим ага алгачкы гидротехникалык иш-чараларды жүргүзүп, суунун үнөмдүү пайдаланышы үчүн чечкиндүү аракеттерди жүргүздү. Биринчи жолу гидротехникалык жасалгалардын комплекстүү планын түзүп чыкты. Бул өзгөчө бааланды, конкреттүү иштер менен бекемделди.

Хашим Касымов 1930-жылы коммунисттик партиянын катарына кабыл алынды. Ал мезгилде партияга кылдат сындан өткөн адам гана кабыл алынганы белгилүү. Демек, Хашим Касымов элге, Мекенге, партияга арнаган ак эмгегинин натыйжасында бул кадамга укук алган эле. Лениндик партияга ак ниеттен берилген бул адам — Хашим Касымович он эки жыл аралыгында Казак ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланды. Ал Казак ССРинин эмгек сиңирген Гидротехниги. Казак ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталарын алды. Персоналдык маанидеги кадырлуу пенсионер.

Хашим Касымовдун эмне себептен согушка катышпай калганына кайрылганыбызда буларды айтып берди:

— 1941-жылы эле мен армияга чакыртылгам. Бирок Казакстан Компартиясынын бюросу менин тылда эмгектенүүм зарылдыгын эскертип, армиядан калтырды. Демек, мага чексиз оор партиялык милдеттер жүктөлдү. Колуна курал алган жоокер болбосом дагы, кетмен кармаган, сугат жерлерин көбөйтүү үчүн баш катырган, бир тал дан душман үчүн ок болсун деп эсептеген айылдагы жоокер болдум. Алдыңкы сапты аштык менен камсыздоодо биздин күн-түн дебей иштөөбүзгө туура келди. Менин 1938-жылдан тартып кайра-кайра депутаттыкка шайлануум ушунун ачык күбөсү эле...

— Чардара суу сактагычынын тарыхый курулушу тууралуу «Огонек» журналынын башкы редактору менден материал сураган. Ал тууралу китеп жазмакчы экен. Албетте, менин бул талапты канааттандыруум керек. Ошол өткөндөгүлөр китеп болуп азыр жазылаарын ким ойлоптур. Эми ал жылдарды кайра барактоого туура келүүдө. Быйыл көп улуттуу совет — эли Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын 70 жылдыгын белгиледи. Бул тарых үчүн анчалык узак мөөнөт эмес. Бирок бул убакыт ичинде мекенибизде эч нерсе өзгөрүүсүз калбады. Чексиз жаткан талаалары, шаар менен кыштактары, тоолор менен токойлору, өстөн менен дарыялары, калкыбыздын маданияты, турмуш, өмүр даражасы өзгөрдү. Азыркы күндүн кадыр-кыйматын билүү үчүн, мунун негизги жерпайын — өткөн күндөрдү эске салуу чоң мааниге ээ. Жаштарыбыз бул жаркын күн канчалык төгүлгөн кандан, курбандыктардан, машакаттуу оор эмгектен жаралганын билиши зарыл. Жаштар ата-бабаларынын, эне-аталарынын баскан жолдорун унутпоосу керек. Чардарда жаңыдан тигилген чатырларда бүгүнкү кызыл кумдун тагдырынын үрөнү ташталган эле...

— Партия менен өкмөтүбүз элүүнчү жылдарда чөлталааларды гүлдөтүүнүн камындагы зор долбоорлорду кабыл алды. Чоң Чүй каналы, Чоң Фергана Каналы, ошондой эле Сыр-Дарыя, Аму-Дарыя сыяктуу чоң сууларга тосмо суу сактагычтар курулду. 1958-жылы партия мени Сыр-Дарыя боюндагы Чардара гидроузелинин курулушуна жооптуу кызматка бекитти. Ал курулуш аркылуу 4600 миң гектар жерди суу менен камсыздандырып, көптөгөн арзан электр кубатын алмакчыбыз. Демек ал гидроузелдин курулушу чексиз маанилүү болчу. Ал элдүү пункттан жүз километр ыраакта, телефон байланышы, чоң жолу жок ээн жерде башталды. Калың камыштуу, жапайы айбандар менен көз ачырбас чымын-чиркейлердин мекени болчу. Жайкы аптапта кырк градуска чейин ысычу. Мындай шартта иштөө эле эмес, дем алуу да кыйын. Бирок биз ошол кыйынчылыктардын бардыгын жеңдик. Бизге жүктөлгөн милдет ашкере оор, жоопкерчилик да катаал болгон. Партиянын бул тарыхый тапшырмасын орундоо үчүн ашкере кылдаттык, темирдей тартип керек эле. Ошондуктан биз биринчи кезекте ичимдикти катуу чектедик. Эгерде кимде-ким иш учурунда арак ичсе, аны оёосуз катуу жазалоочубуз.

Ошентип биздин бул жаңы ак чатырлардан турган шаарчабыз «араксыз шаар» деп аталды. Ичимдик менен көзгө чалдыккандар ошол замат иштен бошотулуп, «шаардан» айдалчу, эч кандай эскертүү берилчү эмес. Демек, бизде эмгектин өндүрүмдүү болушу үчүн эмгек тартиби дал ушундай коюлган эле...

Бозкуроонун муздак шамалы кулак мурунду чымчып, айлана эчак саргайган, камыш бырларын шамал сапырып, көз ачырбайт. Дем алуу күнүндө кыргоолдордун эле анда-санда кыйкуулаган үнүнөн бөлөк дабыш угулбайт... Мен шаарчабызды кыдырып, мекендештерибиздин эмгекчилдигине сыймыктана, аларга ичимден ыраазылыгымды билдире келе жаттым. Үйлөрдөн жаңырган обон-күүлөр, шаттуу күлкүлөр угулуп, көңүлүм көтөрүңкү. Бүтүндөй жан-жигери менен иштеген биздин жаштарыбыз ушундай дем алыш күндөрүндө гана турмуш ыракатынан даам татышаар эле. Мен бир аял эркекти колтугунан сүйөп бара жатканын көрүп, артынан тездей бастым. Арабыз бир топ алыс эле. Алар илкий кадам шилтешет. Эркектин ичкени көрүнүп турду. Аял артына бир кылчайып мени көрдү да, дароо тааныды. Мас эркекке бирдемелерди айткандай болду да, тездөөгө, акырында качууга бел байлашты. Аздан соң далдаага буйтап көздөн кайым болушту. Көрбөйсүзбү, анын мастыгын намысы жеңди. Ал кийин иштен бошонуудан эмес, адамдардын алдында уят болуудан ыйбакты...

Биздин «шаарыбызда» эң алгач Кызыл Ордодон келген 50 киши, кийин колхоз, совхоздордон, шаарлардан келишкендер менен толукталган. Ар түркүн жерден келишкендерине карабастан, аларды эмгек жакындаштырды. «Жылкы жытташканча, адам сүйлөшкөнчө» деген сөз ушул эмеспи.

Биздин шаарчабыздын адамдарынын таза ой-пикирлүү экенин, Мекенге, партияга берилгендигин мына бул окуядан байкоого болот.

...Кыш күнү кыскарып, түнү узарган мезгил. Эшикти ичинен илип алып жалгыз адам кайтарган банкты тоноо үчүн уурулар шимшилеп жүргөндүгүн имиш-имиштен угуп калдык. Ал уурулар Өзбекстанда адамдарды эле эмес, далай мамлекеттик мекемелерди, магазиндерди тоношкон «атактуулардан» экени дагы кошо билинди. Банк тек гана эмгек акы алуучу казына деп караган биздин адамдарга бул «Банкага ууру келет» деген сөз өтө эле одоно туюлду. Биз адегенде аларды тутуунун пландарын ойлонуштурдук. Карылуу жигиттерибиз жендерин түрүнүштү. Уурулар куралданган, биз болсо — куралсызбыз, демек биз көбүрөөк коркунучтабыз. Аларды келет деп бир нече күн уйку көрбөдүк. Түндү таңга уладык. Бирок уурулар бороон-шамал улуган оор шартта пайда болду. Биз аларды капысынан, эпчилдик менен туткундап алдык, алар өздөрү да таң калышты. Себеби, алардын катарында биздин «уурулар» дагы бар эле.

Ууруларды Өзбекстанга алып кетишти. Кийинчерээк мени Өзбекстан ички иштер министрлигинин грамотасы менен сыйлашты.

Биздин суу сактагычыбыздын көлөмү 5 миллион кубометрге болжолдонуп, Орто Азия жана Казакстан боюнча эң чоң суу сактагыч эле. Биз алды менен темир жол курулушун, бетон заводун иштетип баштаганбыз.

...1964-жылы 10-октябрда биздин узак жылдардан бери эмгегибиз натыйжаларын берип, мөмөсүн тойлодук. Бөгөлгөн Сыр-Дарыянын толкундуу күмүш суулары биз жасаган плотина аркылуу өркөчтөнүп акты. Шаңга бөлөнгөн салтанаттуу кырдаалда бири-бирибизди куттуктадык. Чардара суу сактагычы акырындап толо баштады. Кызыл кумдун чөлдөрү акыркы демин тартып, өмүр тарыхында жаңы баракты ачып, эч качан жашылданып көрбөгөн чөл — гүлстанга айлануу алдында, булбулдун, канаттуулардын үндөрү жаңырчу кырдаал жакындап келе жаткан. Жаңы турмуштун бүчүрлөрүнүн ачылышы биздин алдыбызга жаңы милдеттерди койду. Жаңы совхоздорду шаарларды куруунун улуу максаттарын ишке ашыруунун



муктаждыгын ээрчите келди. Мындай улантуунун алмашылышы, бул — тиричиликтин заңы эмеспи. Турмуш дал ушунусу менен кызык, ушунусу менен баалуу. Эгерде жашоо жаңы бир максаттардын туулушуна себепкер болбосо, шаттык обондору кайдан ырдалмак. Арзуу максаттарды кубалап жашоо — жашоосунун эрежеси эмеспи. Ушул себептен адам баласы эмгексиз-аракетсиз тура албайт. Биздин ал жылдардагы максаттар, ниеттер бирибирине тизмектешкен. Биз өз өмүрүбүздүн ар бир мүнөтүн текке кетирбей сарптоону кечирилгис намыс деп эсептөөчүбүз...

Хашим Касымов ушул сөздөн кийин жеңилдене түштүбү, айтор, көңүлү көтөрүлүп калды. Анын бул көз карашынан, али да айтылбаган сырлар көп экенин байкадык. Акырына чейин угуп-билүүнү эңсесек да, антип берүүгө Хашим акени мажбурлоо адепти бузгандыкка жатаар эле. Ушул чакта Хашим Касымовдун аялы Нина Николаевна жеңебиз сөзгө аралашып:

— Басмачыларга каршы күрөшкөнүңүздү, Францияга барганыңызды, ошондой эле Чардарага Венгриялык, Кубалык меймандардын келгенин айтпадыңыз го,— деди.

Нина Николаевна украин кызы, ал Хашим Касымовдун уйгурча сүйлөгөнүнө кунт коюп угуп отурган. Анан, ыңгайсыз тынчтыкты бузуп, Нина Николаевна колундагы китепти мага сунду да «бул китеп атаман Дутовду өлтүргөн Махмут Хухламяров тууралу жазылган. Мен Махмут аганы көргөм. Аны менен даам татып, аңгемелешкемин. Ал мага өз өмүр тарыхынын урунттуу бир окуясын айтып да берген. Махмут аганын үй-бүлөсүнүн жырткычтык менен өлтүрүлгөнүн да өз көзүм менен көргөнмүн,— деп сөзүн улады...


1936-жылдын алгачкы сааттары кагып баштаган. Асмандагы булуттар бирде коюуланып, кар тоспогун сапырып, бирде сээлдей түшүп, көктөн ай көрүнүп, адамдардын сейилдөөсүнө сонун ыңгай түзгөн ажайып түн эле. Жаштар кар чачып ойношсо, улгайгандар жаштыгын эстерине салышат. Капысынан өспүрүмдүн ачуу кыйкырыгы кулагыбызга шак дей түштү. Жүгүрүп барганда көчөнүн дал ортосунда бир баланын боздоп турганын көрдүк. Элдин баары үйлөрүнөн чыгышты. Мен дароо эле анын «Атаман Дутовду» өлтүргөн Махмут аганын баласы экенин тааныдым. Жүрөгүм силкинип алды. Ал Жаркенттеги техникумда окуп жаткан. Жаңы тылды тосуу үчүн келген окшойт. Махмут ага үйдө жок экен... Бирок жаңы жыл ага унутулгус кайгы алып келди. Биздин кубаныч кайгы менен алмашылды... Көпчүлүк Махмут аганын үйүнө жү-

гүрдү. Аялын бычак салып өлтүргөн, көзүн ачкан бойдон үзүлгөн... жети жашар кызынын башы кесилген, денеси бир четте жатат, анын башы энесинин жанында турат. Биз аны дит багып карай албадык. Баарыбыз чуруладап ыйлап жаттык...

Нина Николаевнанын көзүнөн ысык жаш улам сүртүп жатканына карабастан мөлтүлдөп агып жатты...

— Жаш чактагы көргөн кыйынчылыктар жаштыктын деми менен өз учурунда анча сезилбейт тура,— деп сөзүн улады Хашим Касымович. — Анткени жаштык дегенибиз тоону томкорууга да бел байлатуучу, жесе — тамакка, ичсе — ишке, сүйсө — махабатка тойбогон ажайып курак. Ал — адам жүрөгүндө өмүрүнүн акырына чейин жетээрлик дем берүү үчүн ыйгарылган угут экен. Биздин ошол жаштыгыбыз Ата Мекен, эл үчүн сарпталды. Ошондуктан биз өзүбүздү бактылуубуз деп эсептейбиз. Анткени — Мекенге, элге кызмат өтөдүк. «Жаштык — дөөлөт, карылык — зыйнат» — деп уйгурлардын макалында айтылгандай, мына азыр биз зыйнат болуп калдык. Эртең менен, кечкисин үйүбүздүн жанынан колтукташа балдарын жетелеген жаштарды көргөндө, кээде биздин жаштык курагыбыз эрксизден эске түшөт, кандайдыр сыймыктана түшөбүз. Анткени — биз өз жаштыгыбызды — келечектеги муундагылардын бактысы үчүн жумшаганбыз. Азыркы жана келечектеги муундардын бактысы — ошол биз сепкен өз жаштыгыбыздын үрөндөрү эмеспи...





## КӨРҮНҮКТҮҮ ОКУМУШТУУ

«СССР элдеринин достугу, социалисттик өлкөлөрдүн ар тараптуу өнүгүүсүндөгү эң негизги күч. Ошондой эле көп улуттуу совет мамлекетинин күч-кубатын өнүктүргөн булактардын бири. Бул достук — Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы немецтик фашисттердин армиясынын жана Япониялык милитаризмдин үстүнөн болгон зор жеңиштин дем берүүчүсү, биздин учу-кыйырына көз жеткис мекенибизде коммунизм курулушунун жерпайын түптөндүрүүчүсү. Эрктүү жана жарым эрктүү элдердин азаттыкка чыгуу үчүн күрөш жүргүзүү жолуна карай тайманбай аттануусунда ишенимдүү жөлөкчүсү. Достук-тынчтыкта жанаша жашоонун бекем таянычы...»

Азиз Исажанович Нарынбаев 1952-жылы В. М. Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик университетинин Илимий Советинде «Социалисттик Кыргыз улутунун өнүгүүсүндө совет мамлекетинин ролу» деген темада жактаган диссертациясында айтылган алгачкы ойлору мына ушундай сөздөр менен башталган эле... 28 жаштагы уйгур жигитинин үнү бул сүрдүү залдын ичин жаңыртып гана тим болбостон, мындагы катышуучулардын баардыгынын жүрөк түпкүрүнө жаңырык салды. Ленинге, Мекенге, Элге арналган илимий аныктоолор катышуучулардын назик сезимдерин козгоо менен бирге аларда да сыймыктын жаңырыгын жаратып турду. Демек, бул жаңырык жөн гана касиет эле болуп калбастан, адамдын ички дүйнөсүнө тике-

ден-тике таасир этип, толгонуусун туудурат эмеспи. Диссертация окулуп, жаңы бир туюмдар, илхамдар ойготулуп жатты...

...1947-жылы Кыргызстан Мамлекеттик Педагогика Институтунун тарых факультетин бүтүрүп, ошол эле белгилүү жогорку окуу жайында өз ишин баштагандан тартып, эле Москвадагы Аспирантурада билиминин корун түптөндүрө баштаган. Адамдын руханы дүйнөсүндө ойлоону пайда кылуу, бул жеңил иш эмес экендиги белгилүү. Илимпоз ал үчүн эң оболу жашоодогу окуялардын өзү жөнүндө ойлоосу зарыл. Анын ички сырларын, жашоодогу күчүн, келип чыгуу себептерин билүүсү шарт. Азиз Нарынбаевдин «Социалисттик Кыргыз улутунун өнүгүүсүндө Совет мамлекетинин ролу» тууралу жазган диссертациясы дагы дал ушундай чыныгы турмуштун булагына сугарылгандыктан, илимий жетекчи философия илимдеринин кандидаты университеттин доценти Г. Ш. Мановичти дагы шаттандырып турду.

Аспиранттын диссертациясын жактоо баяндоосу аяктагандан кийин залдагылардын баардыгы тең узакка созулган кол чабуулар менен алкыштарын айтышты. Мандайынан чыпылдап чыккан тери бир жагынан жүдөткөн Азиз Нарынбаев, жогорку баанын берилгендигин туйган соң, көзүнөн мөлтүлдөп чыккан жашын өзү да сезбей калды. Кол чабуулар анын дилинде калың саадалуу бакта чуркураган жазгы куштардын кужурундай туюлду, дилинде жаздын гүлбурак жыты аңкыды. Өзү да тоонун бийик чокусуна чыгып, бүтүндөй тегеректи көргөндөй шаттана жылмайып турду...

Берилген суроолордун баарына канааттандырарлык жооп алгандан кийин илимий советтин мүчөлөрү диссертацияны бир ооздон кабыл алышты. Өлкөбүздүн илимпоздорунун катарына дагы бир илимпоз — философия илимдеринин кандидаты кошулду. Мына ушул фактынын өзү эле: «Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын шарапаты менен багы ачылган улуттардын илимий, саясий, маданий багытта өнүгүүсүнө кеңири жол ачкандыгынын айкын күбөсү эле» — деп жазылган Азиз Нарынбевдин сөздөрүн чындыкка чыгарды.

Азиз Нарынбаевдин диссертациясы анын өмүр жолундагы ойгонгон ой пикирлеринин мөмөсү болгону үчүн адамдардын жан-дүйнөсүн ойго түртүүгө жарамдуу болучу. Эгерде ал куру кыялдын же китептерди жаттаган догмалардын негизинде жазылган болсо, анын эч ким үчүн мааниси болмок эмес. Демек, диссертациянын илимий күчү аны жактоочунун өмүрү ушундай окуп таасирленгендери



менен чыныгы мамиле байланыштары болуш керек. Тилден чыккан нерсе дилге таасир калбастыгын турмуш алдагачан далилдеген эмеспи!

1941-жылы Пржевальский шаарындагы А. М. Горький атындагы педучилищаны аяктагандан кийин эле Фрунзе шаарындагы Мамлекеттик педагогикалык институттун тарых факультетине кирип окуган Азиз Нарынбаев, анын биринчи курсун аяктаары менен 1942-жылы советтик армиянын катарына чакыртылды. Ошентип ал Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, өзү менен бирге көп улуттуу элдин фашисттерге болгон жек көрүү көз карашын кошо алып кетти. 50-армиянын 108-Артиллерия дивизиясынын 44-полкунда аткыч болуп жүргөн мезгилдеринде эле ошол сезимдерди башынан өткөргөн эле.

Тарыхта ааламды солкулдаткан эпизоддору бар Орловск-Курский дугасындагы коркунучтуу чайкаштарда көптөгөн эрдиктерди көрсөттү. Достуктун кудурет-күчү ошол чактарда аны таң калтырган болучу. Өз өмүрүндө биринчи жолу советтик жоокерлердин достук ынтымагына тизе бүгүп башын койгон эле. Досун өлүмдөн аман сактоо үчүн өзүн өлүмгө мажбурлаган. Жарадар досторун ийинге салып боортоктоп ажалдан алып чыккан. Өз жанынан достордун жанын жогору коюуну милдетим деп билген советтик жоокерлер, анын дүйнөгө болгон көз карашында зор өзгөрүүлөрдү пайда кылды. Мекенди, элди сүйүүдөн келип чыккан достуктун улуулугун обон созуп ырдагысы, дүйнөгө жанырык салгысы келген. Азиз Нарынбаевдин диссертациясынын негизи дал ушул жылдарда эле түптөлө баштаган болучу.

Кан майданда душманга аткан октору айбат менен басып келе жаткан танкаларга оор сокку урган. Согушта каза болгон достору анын көз алдынан кетпей, минут сайын элестеп турууучу. Күнү-түнү артка чегинбеди. Анын аткан октору душман танкаларынын күлүн көккө сапырды. 19 жаштагы жаш жигиттин каармандыгы жогору бааланып, анын турмушунда түбөлүк унутулгус окуя, Коммунисттик партиянын катарына өткөнү болду. Ошону менен бирге «Кызыл Жылдыз», «Данк белгиси» ордендери менен сыйланды. Бул сыйлыктын баардыгы тең Ата Мекенге арналган ыйык махабат менен тыкыс байланыштуу эмеспи! Мындан 9 жыл кийинчерээк жакталган диссертациясы да, кандуу майдандардын учурунда анын дилинде өркүндөй баштаган достуктун жолу да, өзүнүн андан аркы өмүр жолунда кездешишкен нечен түркүн эзилишкен боордоштуктун ачык-айкын мисалдарынын барып турган кылда чокусу эле.

Нарынбаев Азиз Исажанович 1924-жылы Кыргызстан республикасынын Пржевальский шаарында кембагал-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Исажан Октябрь революциясына чейин байлардын колунда малай болуп, көп кыйынчылыктарды башынан өткөргөн эмгекчи адам болгон.

1931-жылдан 1938-жылга чейин ушул шаардагы Нариманов атындагы мектепте окуп кат-сабатын ачкандан соң педучилищада билим алуусун уланткан. Билим алууга умтулуусу ошол кездерде эле тарыхый жана адабий китептерди окууга дитин койдурган. «Баланы башынан» дегендей, келечектеги илимпоздун билим жылдызы балалык чагынан тартып түптөнө баштаган. Окууда болсун, жалпы турмушунда болсун активдүүлүгү мугалимдеринин, курбуларынын алдында чоң урматка ээ кылып турган. Азиз Исажанович ушул жылдары Ленин комсомолунун сабына кошулган.

Нарынбаев Азиз Исажанович маркстик-лениндик философия, улуттардын жакындашуусу, Социалисттик өлкөлөрдөгү улуттардын гүлдөп өнүгүүсү жөнүндө кырктан ашуун илимий макалалар, монографиялар жазды. «СССР элдеринин бузулбас достугу — ленинизм идеяларынын турмушка ашырылышы» (1957), «Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын таасири кыргыз социалисттик улутунун өнүгүүсүнүн негизи катарында (1957), «Жумушчулар табы менен колхозчу дыйкандардын биригүүсү — кыргыз социалисттик улутунун таптык негизи» (1958), «Совет өлкөсүндө үй-бүлө мамилелеринин өзгөрүүсү» (1963), «марксизм, ленинизм,— тарыхта эл жыргалчылыгынын ролу тууралу» (1956), «Социализм доорунда улуттардын өз ара мамилелери жөнүндө» (1962) — сыяктуу макалаларын жарыкка чыгарып, докторлук диссертацияга даярдык көрө баштады.

1952-жылы Азиз Нарынбаев Кыргызстандагы педагогикалык институтунда мугалим жана марксизм-ленинизм негиздери боюнча кафедра башчысынын милдетин аткарып келди. 1953-жылдан 1957-жылга чейин республикадагы В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун марксизм-ленинизм кафедрасында жетекчи болуп иштеди. 1957-жылдан 1959-жылга чейин кыргызстандагы сырттан окуучу институттун ректору болду. Бул жогорку окуу жайы жабылгандан кийин 1959-жылдан баштап 1968-жылга чейин кайрадан Кыз-келиндер институтунда философия жана саясий экономика кафедрасын башкарды. 1968-жылдын акырынан баштап 1975-жылга чейин Кыргыз ССР Илимдер академиясынын философия



жана укук таануу институтунун тарыхый материализм секторунун бөлүм башчысы болуп дайындалды. 1970-жылы Азиз Нарынбаевдин өмүрүндө болгон дагы бир зор өзгөрүш — ал өзүнүн марксизм-ленинизм принциптерине терең сугарылган турмуш тажрыйбаларын, дүйнөгө болгон көз караштарын 1970-жылдын башында Кыргызстан академиясынын илимпоздорунун биргелешкен жыйынында «СССРде коммунизмди куруу мезгилиндеги улуттар мамилелеринин өнүккөн закондору» деген темада докторлук диссертациясын коргогондугу.

«Социалисттик улут дегенибиз — жалпы тили, жалпы территориясы бар жана социализмди куруу мезгилинде улуттук бөтөнчөлүк менен маданияттын чыныгы маанидеги биригүүсүнө жеткен адамдардын тарыхы калыптанган бир бүтүндүгү. Ошону менен бирге эле социалисттик улуттар дегенибиз,— өздөрүндө экономикалык, маданий жана саясий турмушунун интернационалисттик биримдиги калыптануучу, адам мүнөзүнүн интернационалдык бөтөнчөлүгү пайда боло турган улуттар» (Илимий коммунизм 296-бет) деген материалисттик көз карашты жан дили менен ишке ашырып, өз диссертациясында мына буларды жазды. «Социализмдин жеңишине чейин СССРдеги улуттардын жарымынан көпчүлүгүн дыйкандар түзгөн эле. Ал мезгилдерде улуттук маселе чындыгында эле дыйкандар маселеси болуп келген. Коммунизмди куруу мезгилинде улут маселесинин мазмуну биротоло өзгөрдү. Азыркы учурда улуттардын басымдуу көпчүлүгүн жумушчу табы менен элдик интеллигенция түзүүдө. Улуттук мамилелердеги социалисттик түзүлүштүн мындай өзгөрүүсү социализм доорундагы, ошондой эле коммунизм доорундагы закондуу көрүнүш». (Автореферат. Фрунзе 1970-жыл. 22-бет).

Азиз Нарынбаевдин докторлук диссертациясына пикир жазгандар: Кыргыз ССР ИАнын академиги, философия илимдеринин доктору, профессор А. Алтымышбаев, Философия илимдеринин доктору, профессор Д. К. Кушубеков (Казак ССРи), философия илимдеринин доктору, профессор Э. Ю. Юсупов (Узбек ССРи) сыяктуу белгилүү окумуштуулар болучу. Алар диссертацияны: «Улут маселесинде Лениндик көз караштын жаңы көрүнүшү» деп жогору баа беришкен.

1979-жылдын баш жагында философия кафедрасы боюнча профессор деген илимпоздук наамга ээ болгон Азиз Исажанович азырга чейин 200дөн ашуун илимий жана илимий методикалык макалаларды жазып, марксизм, ленинизм философиясына бир кыйла салым кошту.

Азиз Нарынбаевдин илимий эмгектеринен тышкары,



...ШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 407373

анын жаштарды коммунисттик адеп-ахлак рухунда тарбиялоого илимпоздорду жетиштирүүдө кошкон салымы дагы аз эмес Илимдин 8 кандидатын катарга кошкон Азиз Нарынбаевдин колунда азыр 3 аспирант таалим алууда.

1988-жылы — деди, Азиз Нарынбаев — «XIX кылымдагы уйгур элинин агартуучу ойчулдары» деген 11,5 басма табактан турган китебим, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын «Илим» басмасынан жарыкка чыгып окурмандары менен жүз көрүштү.

Азыр Азиз Нарычбаев «XX кылымдын 30—40-жылдарында жашаган уйгур жазуучуларынын философиялык ойлору» — деген китептин үстүндө иштөөнү пландаштырууда.





## ХИРУРГ

«Сухе Батор» медалын алууга татыктуу болгон Нуралидин Рахманкулов 1942-жылдан 1946-жылга чейин Монголия Эл Республикасынын «Байшанту» аскердик госпиталында эмгек өтөдү. Дүйнөгө болгон көз карашын ленинизмдин идеяларына терең негиздей билген бул советтик врач ошол жылдарда интернационалдык милдетин абийирдүүлүк менен өтөгөн.

Монголиянын улан-гайыр талааларында чачкын жашашкан айылдар алыстан караганда тек гана бир топ дарактай көрүнөр эле. Короо-короо койлор топурап жүргөн бул аймак айбандардын эркинче семирип, сайран куруусуна атайын жаралгандай туюлчу. Айдың талаанын асманында канаттарын какпай сүзүлө каалгыган тазкара өткүр көздөрүн жерден албай тынымсыз көктө айланат. Алар өлгөн малдын тарпын же уясынан азыр гана талпынып учууга камынган түрдүү куштардын балапандарын ошончолук бийиктиктен дапдаана айра таанышат. Айылдагы үйлөрдүн түндүгүнөн созулуп көккө көтөрүлгөн түтүн аралашкан булуттар кыймылсыз турган учурда жердеги казыкка байлап койгондой сезилет.

Нуралидин Рахманкулов өздөрү турган «Байшанту» госпиталынан дал ушул айылдарга кээде жөө, кээде аттуу сапарга жөнөчү. Монгол чарбакерлеринин сыркоолоп калгандарына, бошой калган кезде, убакыт таап кыдырып

жардам көрсөтчү. Советтик врачтын мындай мээрбандыгы алардын дилиндеги Лениндин мекенине болгон сүймөнчүлүгүн ого бетер күчөтүүчү.

Советтик атуулдардын чет мамлекеттерге барып иштегендерине коюлган талаптар жогору экендиги баардыгыбызга маалым. Анткени алар өз ишине тыкан болушу менен бирге, өз Мекенинин, Совет элинин өкүлү экенин эстеринен чыгарбастан жогорку адептүүлүктү, маданияттуулукту сүйлөгөн сөзү, иштеген иштери, тырышчаак мамилеси менен көрсөтүүгө милдеттүү. Мына ушул талаптардын өтөсүнө чыгуу, албетте, оңой эмес. Нуралидиндин Монгол аймагына барып иштөөсүн партия ылайык тапкандыгынын өзү эле ага көрсөтүлгөн зор ишеним эле. Советтик врач Нуралидин аганын Монгол жеринде башынан өткөн мынабу эпизодду мисалга келтирсек, бул анын партия менен өкмөттүн ишенимин актагандыгынын бир далили.

...Түн караңгысында мемиреген кең талаа өзгөчө бир сырдуу. Анда-санда аңылдаган жапайы айбанаттар чыгарган түркүн үндүн арасында ач бөрүлөрдүн улуп-уншуганы угулганда жүрөк селт этип коюуда. Дал ошол учурда аттын дабырты менен аралаш адамдардын дүрбөлөңдүү үнү угулуп калды. Булар монголдор экени билинип турду. Нуралидин аларга эшик ачып, кирүүнү сунуш кылды. Эки адам колтуктаган оорулууну үйгө алып киришти. Оорулуунун абалы өтө начар экендиги анын түрүнөн эле байкалып, дем алуусу убакыт өткөн сайын кыйындап бара жаткан болучу. Ал адамдын алкымы шишип кеткен экен, ошол замат операция столуна жаткырып, даярдык көрө баштады. Күтүлбөгөн «меймандар» анын ар бир кадамына тигиле карашат... Таңга жуук операция аяктады... Нече күндөн бери уктабай катуу кыйналган жан, аз убакыттан кийин эле таттуу уйкуга кетти. Бул операциянын ийгиликтүү бүткөндүгүнүн белгиси эле. Аны алып келишкен жакындары окшойт, чочулаган кыязда отурушту. Алардын тили сөзгө келбегени менен жоопту күтүшкөнү талашсыз... Бул иштин ийгиликтүү аяктаганына көздөрү жеткенде көңүлдөрү ачылып, өз-ара кужулдаша башташты...

Эртеси оорулуу адам баарынан эрте туруп, сыртка чыгып өзүнө-өзү ишенбегендей кең талаанын абасына тойбогонсуп, дембе-дем, аптыга аба жутуп жатты. Нуралидинди көрүп кучактай калып, ыйлап жиберди... Эртең менен ичилген тамактан соң, алар монголчосунан урмат көрсөтүшүп, тизелерин бүгүп коштошкон соң, айылдарына жөнөп кетишти.

Арадан апта өтпөй, күндүн көзү жашырынаар алдындагы кечки салкында баягы кичи, куйруктуу алты койду



айдап келиптир. Ал ыраазылыгын ушуну менен билдирээрин туюндурду.

— Сизге кылган мээримдүү жардамыбызды унутпастан келгениңизге чын дилибизден ыраазыбыз,— деп тилмеч аркылуу айтты Нуралидин. Ошонун өзү эле биз үчүн чоң сыймык. Бизде дарылоо үчүн эч качан акы албайбыз. Бул биздин советтик врачтын милдетине кыянатчылык кылуу болуп саналат...

Монгол малчысы баары бир эле койлорун калтырып кетмекчи болду. Бирок биз аны колтуктап аттандырып, койлорун айдашып үйдөн узатып койдук...

Ал күндөрдө жеке эле Монгол эли эмес, Шинжан аймагынан Монгол аймагына келгендердин кайрылгандарына да ак ниеттүү жардамды аяшкан эмес.

— Мына ушул жылдарда,— деп сөз козгоду Нуралидин,— Шинжан өлкөсүндө эзүүчүлөргө каршы куралдуу козголоңдор удаама-удаа чыгып турду. Козголоңчулар айрым убактарда качып Монгол жерине өтүп кетишээр эле. Биздин совет өкмөтүнүн буйругу боюнча, биз алардын жарадарларына жакындан жардам берип турдук. Аларды дарылоо, операция кылуу иштери менен бирге эле, дарыдармектер менен камсыз кылып турдук. Бул биздин Лениндик саясатыбыздын шарапаты эмеспи! Бирок, адегендеги чоң таяныч деп эсептелген, алгачкы «Баатыр» аталган Осмон, Сулайман, Камал сыяктуулар чыныгы бандалардан болуп чыгышты. Алар биздин мына ушундай адамгерчилигибизден иренжишти. Советтик өкмөттү сүйгөн далай адамдарды бензин чачып өрттөгөндүгүн кийинчерээк укканбыз...

1908-жылы уйгур районунун чоң Аксу айылында дыйкан үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген Нуралидин аганын балалык доордо башынан өткөн кайгылуу турмушу азыр да анын эсинде. Атаман Дутовдун канкордугунан уйгур калкы эсепсиз оор жапа тартты. Анын жүрөгүндө алардын калтырган тактары али да болсо өчө элек.

1918-жылы атаман Дутовдун канкорлорунун кадамдары чоң Аксу айылына чейин жетти. Алар ошол жылдарда өздөрүнүн ойлоруна келген жинденүүлөрүнүн баарын ишке ашыраар эле. Бир күнү алар айылыбыздан жүздөн ашуун уйгур азаматтарын сайдын боюна айдап барды дагы, эч бир суроосуз эле баардыгын атып салды. Чоң Аксулуктар бул күнү жер өмгөктөп боздошту! Бири-биринин көңүлүн жубатаар адам жок! Ар бир үйдүн башына өлүм азасы түшкөн! Эс-учун билбеген аксулуктардын муң-зарын угаар эч ким болбоду! Үйдөн бирди-жарым өлүм чыкканда аны түбөлүк барса-келбес сапарына жөнөтүү канча

жүрөктү сыздатат?! Ал эми бул жырткычтар салган кыямат күн Чоң Аксулуктарды кандай мөгдөткөнүн сүрөттөө кыйын! Алар үчүн «Асман түнөрүк, жер кып-кызыл чок» болбодубу! Нуралидин аганын атасы да, дал ошолордун ичинде эле... Чоң Аксулуктар Махмут ага биздин кегибизди алып Атаман Дутовду өлтүргөндүгүн угушканда сүйүнүчтөрү ичтерине батпай кубанышты. Биз, балдар дагы шаттана, көчө жаңырта кыдырып, жүгүрүп жүрдүк! Бул балалык доорубуздагы өткөндөрдү эскерүүнүн, канкор дутовчуларга болгон каар-казаптын жалыны эле!..

...Жайдын ысык күндөрүнүн бири... Биздин кошунабыздын үйүнүн короосуна атчан бир чоочун киши кирип кеткенден көп өтпөй, анын артынан атчан ак гвардиячы да пайда болду. Ал атын байлабай бош таштап, тигинин аркасынан короого кирди. Аздан соң аны алып чыкты да алдына салып айдап жөнөдү. Короодон анча узабай эле кылычын сууруп алып, бир шилтөө менен анын мойнун кыя чапты. Мен өгүзгө артылган саманга жашынып, баардыгын көрүп турдум. Денесинен ажыраган баш жерге түштү. Жерде туйлап, ары-бери тоголонуп барып, оозун чоң ачып, тилин чыгарды да тынчып жатып калды... Баштан айрылган дене өйдө-төмөн толгонду... Кызыл өңгөчтөн ысык кан атылып агып жатты,— буттары бир ирет өйдө көтөрүлүп, анан сунулууга чамасыз, сулк тынчыды. Мунун баарын короодон канчалык коркконум менен, көзүмдү тарта албадым...

1922-жылы Нуралидин аганын өзүнөн башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн бардыгы келте оорусунан каза болду. 14 жашар Нуралидин Рахманкулов элдин бадасын багып күнүмдүк тамагын таап жүрдү. 1923-жылы «Кембагалдар үнү» газетинин редактору Ибрахим Бакиевдин кеңеши боюнча 20 уйгур баласы, окуу үчүн Чоң Аксудан Алма-Атага аттанып, 1924-жылы «Зарват» мектебинин директору Бурхан Касымовдун жардамы менен баягы 20 жигиттен Абдурахман Авдунов, Нуралидин Рахманкулов экөө гана окууга жөнөтүлдү... 1929-жылы белгилүү 9 жылдык мектепти бүтүргөндөн кийин Жаркентте мугалим болду. 1931-жылы окусам деген ынтызарлык аны Ташкен шаарындагы медициналык Институтка алып келди. 1936-жылы белгилүү чоң окуу жайын ийгиликтүү аяктап, Ала-Тоо боорунда Фрунзе шаарына кызматка жөнөтүлдү...

Мурдараак эле ушул Кыргызстандын Лейлек районунда практиканы өткөргөн. Ал райондо биринчи жолу 15 орундуу оорукана ачылганына катышкан. Нуралидин ага ошол жылдарын эстегенде мына буларды айта калат. «Лейлекке барганымдан кийин догдуркана үчүн эски үйдү бердИ. Жергиликтүү өкмөттүн жана калктын жардамы менен анын ичи-тышын жөнгө келтирдим. Бир бөлмөсүндө өзүм жашап, калган бөлмөлөрүн оорукапага ыңгайлап даярдадым. Эл совет өкмөтүнүн бул камкордугун жогору баалаstarting да, оорулуулар бизге ишеним көрсөтпөй турду. Анын себеби — диний көз караштар чексиз күчүндө эле. Оорулуулар молдолорго «дем» салдырып, ооруган балдарга болсо «тил тумар» жаздырып, эски ырым-жырымдардан кол үзө албай жатышты. Биздин милдетибиз калкка кызмат көрсөтүү менен катар эле, мисалдардын жардамы аркасында медицинанын кудуретин далилдеп көрсөтүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп элди тартуу болучу.»

Нуралидин ага Кыргызстанга келгенден кийин 1938-жылга чейин Ош областындагы Жаңы-Жол районунун Караван айылында врач болуп иштеп жүрдү. Бул жерде ал биринчи болуп 60 адамдык жаңы оорукана ачып, тили салаңдап калган илдеттүү адамды дарылап, айыктырып элдин урматтоосуна ээ болгон. Бул дарылоо Москвалык комиссия жүргөн учурда ишке ашырылгандыктан, алар дагы жогору баа беришкен. Практикалык илимдин таасири элге өзгөчө күчтүү эле, тек ушундан кийин оорулуулар акырындап диний бакшылардан кол үзүп, келе баштады.

1938-жылы Фрунзедеги Республикалык оорукапага хирург болуп дайындалды. Дал ушундан Улуу Ата Мекендик согуш башталганга чейин ушул жерде иштеди. Бул жылдарда Кыргызстанда врачтардын жетишпестигинин себебинен алар ыраак айыл-кыштактарга, тоолуу райондорго кезегинде барып иштөөгө туура келээр эле. «АН-12» самолёту менен ал жерлерге ар аптада бир ирет учуп барып, операцияларды жасоо менен бирге, жугуштуу оорулардын алдын алуу иштерин жүргүзүп, алардын белгилерин, сактануунун жана дарылоонун жолдорун түшүндүрүп, лекциялар окулуучу. Аялдарга консультациялар берилчү. Ал жылдары чечек жана кызамыктан балдар көбүрөөк өлүмгө учурап туруучу.

1941-жылы Нуралидин ага советтик армияга кызматка чакырылды. Бирок Гитлердик фашисттер менен болгон уруш майданына жөнөтүлгөн жок. Кан төгүлүп жаткан Фронтко батууну талап кылса да, коргоо Комиссариаты аны Мекендин чыгышына аттандырды. Ошентип Нуралидин ага Чита шаарындагы госпиталда 1942-жылга чейин хирург болуп иштеди. Япон милитаристтери менен болгон согушка катышты. Ошондогу эрдиги менен ишмердигинин күбөсү болуп, азыр анын көкүрөгүндө «Ата Мекен согушунун II даражадагы» ордени, «Япония үчүн болгон согуш үчүн» медалы жаркырайт.

1946-жылы Нуралидин ага Монголия Эл Республикасынан Фрунзеге кайтып келди да, 1955-жылга чейин республикалык ооруканада өзүнүн хирургдук кесипчилиги боюнча иштеп, калктын алкышына ээ болду. Ошол себептүү анын ак ниет эмгеги жогору бааланып «СССР саламаттык сактоонун отличниги» значогун алууга татыктуу болду. Рахманкулович жеке эле врачтык кесипти аткаруу менен чектелип калбастан, дарыгерлик кадрларды өстүрүүдө өзүнүн салымын кошту. Ал Фрунзе шаарындагы медицина окуу жайына сабак берди. Окуган лекцияларынан жүздөгөн кыз-уландар тарбия алып, адам жанынын инженерлеринин» катарына кошулду. 1955-жылдан 1970-жылга чейин, башкача айтканда пенсияга чыкканга чейин айтылуу больницада хирургия бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди.

Ата кесибин кызы Нела улантты. Ал 26 жылдан бери Москва шаарында невропотолог болуп иштеп келүүдө. Уулу Умаржан граждан авиациясынын биринчи класстагы учкучу. Атанын кесип жолуна түшпөсө да ал атасынын Мекенге, элге болгон сүйүүсүн, улаштырып, эл кызматында.





## КУТМАН АГА

Ата десем каректе —
Кетмен чапкан аталар.
Жүрөгүмө кадалат,
Алар тарткан жапалар.

Ата десем каректе —
Турат баатыр аталар.
Майданга алар кеткенде,
Какшап калган апалар.

(эл ырынан).

Адамдардын арасында ар түрдүү мүнөздөгүлөр кездешет эмеспи. Алардын кээ бирлери өз ой-максаттарына жан дили менен берилип, ага жетүү үчүн узак жана татаал жолду басып өтүүдөн дегеле качышпайт. Татаал ашууларды беттеп, максат сересин көздөй кадам шилтеген соң, түк дагы чегинүүнү билишпейт, түрдүү тоскоол, машакаттардан да ийменишпейт. Андайлар азап-кайгыдан таптакыр коркушпайт, кээде жеңилип калышса дагы, артка чегинишпейт. Алдын көздөй арыш таштоону бир минут да унутушпайт, ыргылжың болуп акыл-паразатын бекерге коротушпайт, максаты көздөгөн жылдызын жоготушпайт. Качан да болсо канат кагуудан талышпайт, ошол ой менен жашашып, ошол тилек менен тиричилик улашат.

Дал ушундай асыл сапаттуу адамдар адатта абдан ты-

рышчаак, эмгекчил келишет турбайбы. Алардын жүрөгүндө Мекенге, элге деген жылуу сезим ар дайым алоолойт. Өзү бактысыз калганына кайыл болуп, башкаларды бактылуу кылуу үчүн бүтүндөй жан-дүйнөсүн сарптоодон баш тартпайт, өзү тоңсо дагы өз денинен жылуулукту мээримге чылап бөтөндөргө тартуулайт. Эч бир жанга таш атпайт да, бирөөлөр үчүн дилине кара таш катпайт.

Мен Куддус аганын өмүр жолунун кыйын кезендерин тереңирээк түшүнгөн соң колума калем алып, колумдан келишинче ой тизмегин баяндоону туура көрдүм.

Куддус ага болсо азыр сексендин улагасын таканчыктап турган чагы. Каардуу согуштун запкысы аны эртерээк алсыратып койгон болчу. Көз нурларынын тунарып калышы, башынын ооруганы, кулагы катуулап, түрдүү үн толкундарын элебей калышынын өзү ошол ырайымсыз уруштун салган тагы да! Куддус ага булар үчүн өз жүрөгүн кыйнабайт. Арийне, ал өзүнүн кырчын жаштыгынын толуп турган курагын сүйүктүү мекени үчүн, өз калкынын бакыт-таалайы үчүн курман чалган эмеспи!

Жанды талыкшытып, ныксыраткан жаз күндөрүнүн аптабынан, күн нурунан кубат алуу үчүн бирөөлөрдүн жардамы менен сыртка араң чыккан Куддус ага бир кездерде албеттүү, бакубат, курч жигиттердин бири эмес беле? Мына эми, карылык башка түшүп...

— Мен,— деп сөзүн баштады Куддус ага. — 1910-жылы Алма-Ата шаарында багбандын үй-бүлөсүндө дүйнөгө келдим. Бирок мени бул жарык аалам кучак жайып тосуп алганы жок. Азыркы биздин небере-чөбөрөлөрүбүздүн куттуу балалык өмүрүнө карама-каршы болду көрүнөт ошол өткөн балалыгым. Азыркы менен, ошол менин балалыгымдын асман жердей айырмасы бар. Ал кездеги жетимчилик, ачарчылык, жыланачтыктан колдолгон биздин нуз наристе балалык доорубуз, аккан жылдыздай көздөн кайым болду. Ошол нанга тойбой жалдырап, жыланаяк муңайым жүргөн жаштыгым, ата-эне мээримине канбай армада өтүп кетти го. Мен туулгандан жаны эле тилим чыга баштаганда энемден айрылдым. Чындыгында энем жокчулуктун азабынан армандуу көз жумду. Атамды бел тутуп, андан айрылып калыштан коркуп, артынан калбай ээрчип жүргөн чагымда атаман Дутовдун бандалары даректын учунда отурган каргадай көрүп, бак ичиндеги көчөттөрүн аралап жүргөн кембагал немени атып таштап, каткырган бойдон кетишти го. Жети жашка жаңы толгондо ата-энесиз жетим калып боздоп-какшап, куу тиземди кучактап тооктордун жемин талашып, бөтөндөрдүн көзүн карап тентип калбадымбы. Адам баласынын өмүр жолунун айрылыштары ушундай себептерден улам ажырымга жиктелет окшобойбу. Ошол учурда мени сырт жерде жашаган аталаш дыйкан абам өз колтугуна алды. Анын ысык мээримин сезген сайын мен ага көбүрөөк ыктоочу болдум. Абам болсо менин ыктоомду сезген сайын маңдайымдан сылап көзүнө жаш алуучу. Балким «менден дагы айрылып калбайын деп чочулап жатасыңго»,— деп ойлогондур. Ырасында, ал кезде аалам абам менен гана жарыгандай, аны менен гана турмуш жашоо кызыктай сезилчү. 1922-жылы абам мени Алма-Атадагы Зарват мектебинин алдында ачылган интернатка орноштурду. Ошол чакта мен абамдын дагы, жана башка адамдардын дагы мээримдүү экендиктерин толук сезип, эми жерди тыңыраак тепсей турган болдум. Балалыктын сезгичтигин карачы, иним! Мен Совет Өкмөтүнүн эң алгачкы ачкан интернаттарынын биринде эң алгачкы окууну баштаган балдардан элем. Жылдар билинбестен тизмектелип өтө берди, биз да өзүбүздүн кандай чоңоюп калганыбызды байкабай калыптырбыз. Комсомолдун мүчөсү болгондугумдан, моюнума көп милдеттер жүктөлө баштады. Айтылган мектепти бүтүргөн соң Ташкенбай айылына мугалим болуп жөнөтүлдүм. Кечээги зарлаган балалыгым эстен чыкпай туруп эле, эми өзүм балдарды тарбиялоочу устаттыкка көтөрүлдүм. Лениндик партиянын жылуу мээримине дал ушул жылдары бөлөнгөн элем.

Ушул айылда комсомол ячейкасынын секретары болуп, айыл-кыштакты кооперациялаштыруу иштерине активдүү киришип кеттим. Ал учурларда иш саатка карап белгиленбей, тескерисинче жумуштун бүтүшүнө карап белгиленүүчү. Мектепте окуу жумушу аяктагандан кийин эл арасында үгүт-насыят жумуштарын алып барчубуз. Кечкисин сабатсыздыкты жоюш үчүн дыйкандарды окутчубуз. Ал жылдар өзгөчө оор жылдар болчу. Ички душмандардын чырчатагынан күн сайын өлүм болуп турчу. Ачарчылык, жугуштуу оорулар көбөйгөн кез.

1931-жылы Казакстан эл агартуу комиссариаты мени Саратовдогу Чернышевский атындагы университеттин медицина факультетине жиберди. Стипендиядан башка эч кандай жардам жок. 1933-жылы Ташкендеги мединститутка жөнөтүлдүм. Ал жерде да абал оор эле. Бирок ага карабастан окууну бүтүрүү үчүн бардык тоскоолдуктарга туруштук берип, нечен кыйынчылыктарды жеңдик.

1935-жылы окууну аяктаган соң мени кыргызстанга жиберишти. Келээрим менен эле саламаттык сактоо эл комиссариаты мени «Жугуштуу ооруларга каршы» башкармасынын башчысы кылып дайындады. Ошону менен бирге



5—266

Фрунзе шаардык ооруканада врач болуп кошумча ишке орноштум. Оорулар өлчөмсүз көп боло турган. Жугуштуу ооруларды айыктыруу үчүн биз шаарда гана эмес, айылкыштактарга да аттуу-жөө жөнөп кетип жүрдүк.

1939-жылы мен Москвадагы аспирантурага, жугуштуу оорулар боюнча тажрыйбалар жыйынтыгын алып баруу үчүн жол тарттым. Ошол кезде мага илимий жетекчилерден болуп профессорлор Иокин Иван Дмитриевич, Штейнерлер бекитилген эле! — деп ордунан турду да, Куддус ага өзү тууралу жазып койгон эскерүүсүн шкафтан алып мага сунду.

Илимге деген ынтызар махабаты ушул курагында дале, Куддус ага Насировдун жүрөгүндө кайнап тургандыгы туюлуп жатты. Институтта окуп жүргөн убактарында дагы, кийинки врачтык кесипте иштеп жүргөн чактарында деле аны медициналык маселелер кызыктыра берүүчү. Жугуштуу оорулар боюнча дилинде келип чыккан жаңы табылгалар Куддус аганы тынч алдырбай, адамзаттагы бул оорунун пайда болуш себептерин жана аны айыктыруунун жолдорун издеттирди. Бул тууралу илимий иштерди жазуу, жаңы ачылыштарды ишке ашыруу үчүн жасаган далалаттары, анын жан-дүйнөсүн толкундатты. Бирок, ошол асыл максаттар ишке ашпай калды. Себеби ал учурда немецтик фашисттердин мекенибизди басып кирүү коркунучу өкүм сүрүп турган. Ошентип, Насиров Куддус ага 1941-жылдын 18-июнунда армия кызматына чакырылып, 20-июнда Москвадан Каунас шаарына карап поезд менен жолго чыкты. Анткени, Куддус Насыровго ошол шаардагы Пантон полкуна врач болуп иштеш керек болучу. 22-июнда поезд Минскиден жөнөп кетип бара жатканда, Куддус ага фашисттердин Ата Мекенге басып кирип, самолёттон таштаган бомбаларынын жарылуусун укту. Поездди болсо автоматтын октору калбырдай теше баштады. Мына ошентип, Куддус ага Фашисттик Германиянын Мекенге койгон чабуулун алгачкы көргөндөрдүн бири болду. Ал Пантон полкун издеп таппай койду. Согуш болсо күнөөсүз жер бетин куйкалап, нурлуу асманды кара түтүнгө каптатып, тирүүлөй жандын баарын кырып, улам ичкерилеп коркунучтуу сес бере баштады. Жарылган бомбалардын жаңырыгына, октордун чуулдагы, айыпсыз энелер менен бөбөктөрдүн зардуу ыйы кошулуп ааламга алаамат туюлуп турган эле...

Вильнюс шаарынан Каунас шаарына машина менен келген Куддус ага шаардык коргоо комендантына өзү жөнүндө маалым кылды. Ошону менен ал жарадарларды Каунастан Вильнюс шаарына алып барып дарылоочу госпиталдын врачы болуп белгиленди. Кийинчерээк коргоо комиссариаты аны Орша шаарындагы дары-дармек складына врач кылып бекитти. Андан соң батыш фронтундагы медицина башкармасынын кадрлар бөлүмүн башкарды. Бул жерде № 2402-инфекциондук госпитал бар болучу. Кийинчерээк 16-армиядагы жол-курулуш батальонунун бөлүмүндө врач болуп иштеди. 1942-жылдын октябрына чейин 589-номерлүү госпиталда терапевдик кызматты аткарды. Ушул госпитал 11-гвардиялык армияга карай турган. Андан соң ошол 11-гвардиялык армиянын 26-гвардиялык дивизиясында батальондун санитардык врачы болуп даярдалды. Куддус аганын ал жылдардагы көрсөткөн кызматтары өтө жогору бааланды. 1944-жылы аны КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алышты. Куддус ага аны «менин өмүрүмдөгү унутулгус окуя» деп атады.

Жеке гана совет эли үчүн эмес, дүйнө элинин алаамат кайгысына айланган Улуу Ата Мекендик согушу 1945-жылы жеңиш менен аяктады. Ал Лениндик партия жетектеген совет элинин жеңилбес күч-кубатын айкындады. Миллиондогон адамдар эң бир чыдамсыздык менен күткөн жеңиш күнүн Куддус ага Кенигсбергде каршы алды. Бул күн чындыгында эле совет эли үчүн теңдеши жок бактылуу күн эле.

Жарадарларды госпиталга жеткирүү учурунда болгон, эсинде калган бир окуяны Куддус ага муңкануу менен айтып берди:

— Генерал оор жарадар деген кабарды мага жеткиришти. Мен госпиталдан генералдын кабинети жайгашкан тарапты көздөй бет алдым. Бул жол өтө эле опурталдуу болучу. Туш-тараптан бомба жарылып, жерден көтөрүлгөн чаң-тозондон асман көрүнбөйт, көз ачууга, жолду байкоого деги мүмкүнчүлүк жок, алай-дүлөй түшкөн. Чуулдаган, күркүрөгөн, жарылган үндөр кулакты жарат. Жарылуудан көккө көтөрүлгөн силкинүүлөр жүрөктү алкымга кептейт. Кадам басуудан жаландап күткөн ажалдан жүрөк жалтанат. Ушундай коркунучтуу кыямат каптаган жерден көз албай, этияттап, алдыга боортоктоп бара бердим. Бирде жарылуудан пайда болгон аңга кулап кетсем, бирде алга карай бөкчөңдөй жөрмөлөп эки саат жүрдүм. Бир мүнөт да токтолбодум. Ал жеке гана генерал үчүн эмес, жалпы эле жарадарлар үчүн дал ушундай жан үрөп жоопкерчиликти сезгем... Акырында генералдын жаткан жерди таптым. Генералдын өмүрүн сактап калуу менин бүткүл сезимимди ээлеп, кандай арга издөө керектиги терең ойлондуруп турду...

Генерал госпиталга барууга макулдугун бербегендиктен Куддус ага кескин сүйлөп мындай деди:

Биз аскерлердин ден-соолугунун саламатчылыгына жоопкер адамдарданбыз. Сиздин эсен-соо кезиңизде буйруктарыңызды аткаруу биздин ыйык милдетибиз, ал эми ден-соолугунуз жараланган учурда, врачтардын айткан сөзүн кылт этпей аткарып, кулак салуу сиздин негизги милдетиңиз.

Бул сөзгө генералдын каршылык кылаар аргасы жок болучу.

Талдан токулган замбилге салынган генералды госпиталды көздөй алып жөнөштү. Алар жолдо өздөрү чаң-тополого көмүлгөнүнө карабай оорулууну көздүн карегиндей сактап, бирде шыркыраган өрттү аралап, бирде белчесинен баткак кечип жүрүп отурушту. Кээ учурда замбилди колдошпостон төбөлөрүнө коюп алып боортоктоп жол арбышты. Мунун өзүн совет элине деген мээрим-махабаттын жүрөктө жанган мээрбандык асыл сапаттарынын өрчүшү, Мекенге, элге деген зор сүйүмөнчүлүктүн жалындап, кулач жайышы дешке акылуубуз.

Генерал айыккандан кийин Куддус аганын баягыда айткан сөздөрүн кайталап, аны өз боорума бекем кысып, кучактап алып көзүнөн буурчактата жаш төккөнү эсинде...

Улуу Ата Мекендик согушу аяктаган соң Куддус Насирович Калининград областынын Черняхов шаарындагы инфекциялык госпиталда начальник болуп иштей баштады. Андан кийин кайрадан түзүлгөн гарнизондук инфекциондук госпиталда бөлүмдүн башкаруучусу болуп дайындалды.

1949-жылы декабрда Румыния элдик-демократиялык республикасына жөнөтүлдү. Ал жерде дагы механизациялаштырылган батыш армиясында инфекциондук бөлүмдүн башчысынын милдетин өтөдү. Совет элине таандык болгон интернационалдык милдетин ак ниеттүүлүк менен аткарды. Совет адамдарынын адамдык терең асыл сапаттарын ашкереледи. Ошол себептүү анын бул эмгектери жогору бааланып, «Республиканын жылдызы» ордени менен, «Фашизмге чабуул коюуга катышкандыгы үчүн» деген медалы менен, Румыния өкмөтү тарабынан сыйланды.

— Биз советтик врачтар — деп, Куддус ага ошол жылдарды эскерет,— Румыния эли үчүн бир тууганды жардамыбызды аябадык, боордоштуктун, достуктун лениндик принцибинен эч качан тайбадык. Биз өз мекенибизге кайткан учурда алар чын жүрөгүнөн алкап узатышты.

1961-жылдын 26-апрелинде СССР Коргоо министринин буйругу менен Куддус Насирович запастагы подполковник чининде медициналык кызматтан бошотулду. Андан соң туруктуу жашоо үчүн биротоло Фрунзе шаарына орношту.



Баягыда өзү иштеген мурунку шаардык инфекциялык ооруканада кайрадан иштей баштады. Бирок Куддус ага элге арнаган эмгегин өркүндөтө албады. 1962-жылы ден-соолугунун начардыгына байланыштуу кызматтан биротоло кол үздү. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган Куддус Насирович кадырлуу эс алууда. 1942-жылы согуш мезгилинде табышкан жубайы Евдокия менен ынтымактуу өмүр сүрүүдө. Евдокия жеңе кан күйгөн жылдарда Куддус ага менен бирге батышта үзөңгүлөш иштеген. Алардын достугу ошол өрт алган кыйынчылык күндөрдө сыналган, гүлдөгөн, бекемделген. Өмүрдүн түрдүү кайгысын дагы, шаттыгын дагы бирге бөлүштүрүшкөн бул жубайлар жарым кылымдык үй-бүлөлүк турмушта бири-бирине каршы сөз айтышкан эмес. Евдокия Дмитриевна көзү жакшы көрбөй, кулагы такыр укпай тунжурап калган жолдошун жалгыз таштап, үйдөн сыртка чыгып көргөн жан эмес. Кайда барса дагы чогуу болуп көңүл ачып, мээрбандык менен көзөмелдөп келүүдө. Алардын өстүргөн уулу Олег илимий кызматкер, кызы атактуу геохимик. Алар дагы ар ишенби сайын өз балдарын жетелеп ата-эненин абалын сурап, көңүлдөрүн кушубак кылып кетип турушат.

— Биздин бирибиз уйгур, бирибиз орус болсок дагы,— деди Евдокия Дмитриевна,— өтө ынтымактуу үй-бүлөдөнбүз. Ошондой эле ажырагыс ыйык достордонбуз. Адегенде кандай ынтымак менен баш кошсок, азыр дагы дал ошондой сүйүмөнчүлүк ырай менен мамиле тутабыз. Өмүрдүн таттуулугу, кызыкчылыгы да дал ушунда эмеспи!

— Эң туура айттыңыз. Достук, достошуудан пайда болгон кыныр мамилелерди эсепке албайт. Алардын дилдери кошулса эле акыйкат достордон боло алышат. Уйгур, орус деп ажыратуу шарттуу белги, бирок адамдардын эч кимисинде өзгөчө сырткы чоң айрымачылыктар жок. Булардын бардыгында эле согуп турган жүрөк бар. Ошону кадырлаш — адам баласынын улуу даражадагы милдети го. Чыныгы достук деп, мен, ошону ойлоор элем...

Экинчи жолу келгенимде Куддус ага жаңыдан түшкөн сүрөтүн мага эстеликке берди. Анын көкүрөгүндө:

Ата Мекендик согуштун I жана II даражадагы, Эки «Кызыл жылдыз» ордендери, Румыниянын «Республика жылдызы» ордени «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Москваны коргогондугу үчүн», «Кенигсбергди бошотууга катышкандыгы үчүн» дагы ушул сыяктуу он төрт кыныр Куддус Насировдун эрдигинин күбөсү катары жаркырап турат. Евдокия Дмитриевна алган орден, медалдар да аз эмес экен. Ал да бул согушта чекене эрдик жасабаптыр.





## АХМЕД АКЕ

Кылымга жакын өмүр сүргөн аталардын алдынан кыя өтүү бизде кандайдыр бир кылмыш катары туюлат. Бул — аларга көрсөтүлгөн урмат-сыйдын белгиси. Алар башынан өткөргөн окуялар, эгерде кабардар болсоң, дайыма көз алдында термелип турган деңиздин так өзүндөй элестенет. Алар жандуу романдай, жаңырган обондой, аскар тоонун бийик чокуларындай сезилип, кишинин жан-дүйнөсүн элестүү толкундатат.

Биздин азыркы бактылуу заманыбыздын алгачкы фундаментин тургузууда өзүнүн тийиштүү салымын кошкон, жашы 92ге келген Сулходжаев Ахмед акенин өмүр жолу жогоруда айткандарыбыздын далили катарында оозго алынат.

Ал акенин эмгек башаты, адамзат тарыхында жаңы доор ачкан улуу Октябрь революциясынын эч качан унутулбай турган оор жана даңктуу жылдарынан башталган эле. Бир кылымга жакын өмүр сүргөн аталардын башынан кечиргендери, бир нече кылым тарыхындай сезимди жаратkandыгынын себеби, алардын залкар окуялардын күбөсү болгонунда.

1897-жылы Кашкар шаарында туулган Ахмед аке 1911-жылы бир тууган агасын ээрчип Токмок шаарына келет. Кайгылуу турмуш аларга бакыт издеткен эмеспи! Көп узабай агасынан ажыраган Ахмед аке жетимдиктин капалуу күндөрүндө кыйналып, жалданып иштеп жүргөн мезгилдеринде Октябрь революциясынын таңы атат. 1919-жылы өз каалоосу менен Ленин түзгөн кызыл армиянын катарына кошулуп Ташкент шаарына барып, анан Бухарадагы басмачыларга каршы алгачкы күрөш кадамын шилтейт. Мына ушинтип Ахмед акенин жаштыгы Совет өкмөтүнүн бийлигин орнотуу үчүн болгон ардактуу, сыймыктуу күрөшкө арналат. 1920-жылдарды Оренбург темир жол станциясында эмгектенип, ал жердеги Антонов, Колесников сыяктуу бандаларга каршы салгылашууларды эрдик көрсөтөт. Станциядагы вагондорго буудай, май, дагы башка азык-түлүктөрдү жүктөп Москва шаарына жөнөтүп турган эле. Бандалар болсо вагондорду кыйратуу же болбосо жардыруу үчүн колунан келген кылмыштардын бардыгын иштөөгө даяр болучу. Бирок, Ахмед акеге окшогон Ленин партиясына жан-дилинен берилгендер вагондорду аман-эсен сактоого күнү-түнү уктабай баатырлык, кайраттуулук менен өз милдетин аткарышты. Алар вагондордун үстүнө жатып бандалардын атчан отряддары менен ок атышып өлүмдү эстен чыгарып коюучу. Ахмед акедей миллиондогон адамдар сезиминдеги болгон күч-кубатын аябагандыгы үчүн Совет мамлекети ички жана тышкы душмандарын жеңип, Кызыл тууну желбиреткен эмес беле!

Ахмед аке партиянын ар кандай тапшырмаларын ак ниеттүүлүк менен так орундады. Ал Ростовдогу милиция бөлүмүндө иштеген кездерде темир жол көпүрөсүнө күзөтчү болуп, коркунучтуу сүрдүү түндөрдө бандалар менен бетме-бет салгылашты. 1921-жылдан 1922-жылга чейин Донск милиция бөлүмүндө кызмат кылып, Дон областында жашырынган көптөгөн бандаларды жоюуга өз салымын кошту.

Кийинчерээк Ахмед акени Ташкенттеги Орто Азия коммунисттик университетине окууга жиберишкен эле.

Чындыгын айтканда Сулходжаев мектеп босогосун аттаган эмес. Буга жогоруда айтылгандай, акыйкатсыз замандагы оор турмуш, кайгылуу тагдыры гана себепкер болучу. Ташкент шаарындагы С А Г Уда окуу менен бирге Аскер окуу жайында дагы билим алды. Окууну аяктаган соң партиянын ар кандай тапшырмаларын жан дили менен аткарып жүрдү. 1932-жылы анын өмүрүндө эң зор кубанычтуу өзгөрүү болду, ал Ленинdik коммунисттик партиянын катарына өттү. Бул жөнүндө сыймыктануу менен ал мындай дейт: «Менин коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө кабылданышым, граждандык согуштардагы, бандаларга каршы салгылашууларда көрсөткөн эмгегим үчүн көрсөтүлгөн чоң ишеним эле, «Наманган шаарында пар-

тияга мүчө болгон Ахмед аке көп узабай Фрунзе шаарына кайтып келет, ар түрдүү кызматтарды аткарат. 1937-жылы Кыргызстан Жогорку Советинде инструктор болуп эмгектенет. Кийин Жалал-Абад облаткомунун инструктору, 1939-жылы Таш-Көмүр шаарында Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп иштейт. Соңку жылда өз каалоосу боюнча Фрунзеге кайтып келет.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Ахмед аке, кыргыздын уулу Рызак Мавлянов менен бирге Гоминдан бандасына каршы улуттук көтөрүлүшкө жардамга Синцзянга жөнөйт. 1946-жылдан тартып 1975-жылдын аралыгында Фрунзе шаарындагы колхоз базарында партиялык кызматка орношот. 1976-жылы персоналдуу пенсияга чыгат. Өлбөс-өчпөс даңктуу жолдорду басып өткөн аталар эч качан эстен чыкпайт, алардын өмүр тарыхы бүгүнкү жаштар үчүн тарбия бере турган маанилүү кенч. Жылдар өткөн сайын алардын саны азаюуда. Ошондуктан, ал аталарды өз убагында ардактап күтүп алуу биздин эң ыйык милдетибиз. Азыркы күндө коммунисттик партия менен Совет өкмөтүбүз, алар кайда гана жашабасын эч качан эстен чыгарбайт. Мисалы, Улуу Октябрь революциясынын 70 жылдыгына карата Ахмед акеге КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Жогорку Советинин Президиумунун жана СССР Министрлер Советинин атынан кат келген, ошону менен бирге аны алтын саат менен сыйлаган.

Мына ушунун өзүнөн эле Сулходжаев акеге көрсөтүлгөн камкордукту баамдоо кыйын эмес. Анын мындай урмат менен сыйга татыктуулугун көкүрөгүндөгү көптөгөн медалдары, грамоталары күбөлөндүрөт.

Биз, Кыргызстандыктар, анын жердештери Ахмед акенин 92 жашка толгонун куттуктап, анын биздин арабызда, чың ден соолукта болушун каалайбыз.





## ЖУБАЙЛАР

Кыргызстан Медицина Институтунун доценти, Медицина илимдеринин кандидаты, СССРдин саламаттыкты сактоонун отличниги, Вахаб Ислякович Хожамбердиев тиричилик сарамжалы менен короосунда жүргөн экен. Короосунун тардыгына карабай, түрдүү-түмөн мөмө-жемишти өстүргөнүн көргөндө алардын эмгекчилдигине ичимден ыраазы болдум. Вахаб ага мага күлө багып:

— Биз өзүбүзгө керектүү жашылча-жемиштерден башка, дары-дармектерибизди да өзүбүз өстүрүп алабыз. Экинчиден эмгек менен ден соолугубузду чыңайбыз, өмүрүбүздү да узартабыз — деди.

Мен ушундан улам карыган адамдардын мындай алектенүүсү жетишпестиктин белгисинен эмес экенине көзүм жетти. Чындыгында ден соолукту чыңдоонун бирден-бир булагы эмгек деген сөздү дагы бир ирет көңүлдүн тереңине түйүп койдум.

Биз үйдөгү тегерек столдун айланасына жайгашкандан кийин, мен сөздү кызытууну ойлоп, кандай сөз баштасам да, ал сөзүм кайгыга түртөөрүн байкаган эмес экемин.

— Мария Михайловна, сиз Вахаб ага менен кандайча таанышып, баш кошуп калганыңыз жөнүндө сүйлөп берсеңиз — деп сөз баштадым. — Сиз Липецскийлик, а Вахаб ага болсо Гальжаттык. Чындыгында бул эки чөлкөм мекенибиздин эки кыйырында го.

Мария Михайловна адегенде күлдү. Андан соң ал өзү-

нүн кыялында өткөн кайгылуу жылдарын эстеп жаткандыгы мага даана сезилди. Өткөндү эсине алуу кээде кубаныч, сыймык тартууласа, кээде кайгы алып келерин ошондо эстедим. Михайловнанын толгонуп жаткандыгын сезген соң, өзүмдүн озолдугума, ойлонбой берилген суроомо оңтойсуздана ичимден өзүмө наалат айттым. Бирок, Мария Михайловна оор дем алды да, сүйлөй баштады.

— 1941-жылдын жайында отпуска алып, урук-туугандарыма, Плявинас шаарына келген элем. Латвиянын бул шаарында бир нече күн дем алгандан соң зор алааматка кабылдым. Фашисттик самолёттор шаарды бомбалап жатты... Жер энебиздин асыл топурагы кыпкызыл оттун ичинде сапырылып жатты. Зарлап-боздогон үндөр, ар кайсы жерде сулаган өлүктөр, жарадарлар баш-паанасыз калууда. Калк жарларга, токойго качып киришүүдө... Бир нече саат ичинде шаар астын-үстүн болуп калды. Совет элинин башына түшкөн алааматтын биринчи күнү, биринчи сааттары ал жерде дал ушундай болгон. Биз пааналаган квартал тынчып калгандай болду. Бомбалар жарылып, дарактарды дүмүрү менен омуруп салган. Биз эки жума бою көз ирмебей тикеден-тик турдук. Латвияда биз көргөн бул «кыямат» кантип эстен чыгып кетсин! Биз эле эмес, бооруке́ң жер энени какшаткан ошол ачуу күн эсиме түшкөндө, кээде эсимди да жоготуп коёмун. Бизди Себеж шаарына машина менен жөнөтүп жатышты. Мен болсом Липецкиге жетүүгө шашылам. Бирде атчан, бирде поезд менен, бирде жөө-жалаңдап жүрүп, 31-суткада ачка, эч бир документсиз, тытылган кийимдерим менен үйүмө жеттим. Эртеси аскер комиссариатына кирип, фронтко жөнөтүүсүн сурандым. 1941-жылдын август айында мен согуш майданына аттандым. Орловск-Курск Дугасында болгон кыргындарда мен биринчи аскердик кызматымды баштаган элем. Ал жерде, талаа госпиталынын хирургия бөлүмүндө иштедим.

Мария Михайловнанын карегинде согуш апаатын эскерген ачуу жашы тегеренип турган эле. Жаш — көздөн чыкканы менен, башатты жүрөктөн алат эмеспи.

— Биз — деп сөзүн улады, Михайловна — чатыр тигип үлгүрө элек болчубуз. Токойдо 200 орунга болжонгон госпиталды даярдоого эми эле киришкенде фашисттердин самолёттору бизди бомбалай баштады. Ошол себептүү жарадарлардын саны 3 жүздөн ашып кетти, орун жетишпейт. Операцияларды минутка да токтотподук. Жарык дүйнөдөн түбөлүк коштошуп жаткан ыйык өмүрлөргө аралжы болууга умтулган аракеттер тынымсыз жүрүп жатты. Менин көз алдымда канчасы көз жумду.

...Кечкисин движоктун жарыгында да операция улантылат, медсестралар 18—20 жаштагы кыздар, хирургдар болсо 25—30 жаштардагы жигиттер эле. Бир жолу үч сутка бою тынбай иштеп кайттым да, жаратты таңуучу материалдарды аптекадан алып келип палатага коюп артыма бурула бергенде эстен танып жыгылыпмын... Болгону он минут уктап, ордумдан турупмун. Биз үчүн ошол күндөрдөгү беш-он мүнөттүк дем алуу кадимкидей кубат берүүчү. Айрым учурларда жарадарларды башка жайларга жөнөтүүгө туура келүүчү. Кечкисин жарадарларды отко жылынтуучубуз. Бардык нерсеге убакыт тапчубуз. Операция столунда уйкусуз, тынбай иштеген врачтар: Островский, Хожамбердиев, Кацер, Хамширалидин, Уварова, Фарафанова, Власовалар болучу. Операция жасоо, укол салуу, дары ичирүү, кан куюу, тамактандыруу, от жагуу, сыяктуу түйшүктүн бардыгы биздин мойнубузда эле.

Адамдын өмүрү анча узун эмес. Анын үстүнө кырсыктуу себептердин кесепетинен андан да кыскарган учурлары көп. Ошондуктан тирүүчүлүктүн баркына туура баа берип, аны жигердүү пайдалана билиш керек. Адам баласы кандай, канча жашаса дагы анын негизги максаты — элге, Мекенге кызмат кылууга багытталууга тийиш деп эсептейм...

Мария Михайловнанын бул сөздөрү окуган китептеринен алынган цитата эмес, өзүнүн өмүрүндөгү урунтуу окуялардын маңыдынан чыгарган олуттуу өз тыянагы.

Вахаб аганын басып өткөн өмүр жолу да шыдыр боло албады. Ал басып өткөн жол — оор түйшүктөргө, тынымсыз изденүүлөргө, ошондой эле адам баласына арналган мээрбандыкка шырелген.

Доорубуздун улуу даанышманы Ленин атабыздын нускасы боюнча түзүлгөн заманыбызды алгачкылардан болуп курушкан кийинки муундарга үлгү болуучу. Вахаб агага окшогон өз учурунун патриоттору акыйкатта эле тендешсиз. Анткени алардын катарлары, өтө сейректеди. Алар биз окуган, жазаарлык дастандарыбыздын каармандары, чертмекчи күүлөрүбүздүн мукамы.

Вахаб Исляк уулу Хожомбердиев 1912-жылы Алма-Ата областындагы Уйгур районуна караштуу Гальжат айылында жарык дүйнөгө келди. Анын балалык доору граждандык согуштун, ак гвардиячыл бандиттердин жанталашкан күрөшү күчөгөн мезгилге туура келди. Вахаб аганын атасы Исляк маркум дал ошол жексур учурдун курманы эле.

— Атам ошол күнү үйгө кайрылбады. Ага кызмат абалына байланыштуу үйлөрдү кыдырууга туура келүүчү. Бир ообкумда үйдөн сыртка чыкканыбызда, кошунабыздын тамынын үстүнөн атамдын атылып калган өлүгүн көргөнү-

бүздө акылдан ажырап кала жаздадык... Атамдын полковник Журавлевдин карамагында кандайча иштеп калгандыгы туурасында айтып бергендерин жазып калбаганыма азыр да өкүнүп жүрөмүн...

...1926-жылы Гальжаттан Жаркентке кетип бара жатканымда, жолдо учурашып калган белгилүү жазуучу, акын, публицист, бир айылда туулган, айылдаш Низаргужа Абдисематов менен анын сырдаш жолдошу З. Рахманкуловдор мага: «Окуш керек. Окуганда дагы илимдин жогорку чокусуна чыгууга умтулуу керек. Эң жакшы кесипке жетүү зарыл. Бул адам баласынын эң негизги милдети»... — деп айткандарын мен өмүр бою унутпаймын. Илимге түшүнүгү бар ал адамдар менин окууга деген арзуумду канааттандырышкан эле...»

1926-жылы Вахаб Жаркентте 3-класстан окуй баштаган. 1929-жылы К. Босаков атындагы белгилүү мектепти бүтүргөндөн кийин Алма-Атадагы «Зарват» мектебине кирип окуусун улантат.

— Бул мезгилдерде агам Абдулхамит дагы мени менен бирге эле. Мени окуткан устаттарым, советтик уйгур адабиятынын өкүлдөрүнөн болгон акын Умар Мухаммади, Хизим Искандеров, Ахматжан Юсупов, Камирдин Сатаров, Зия Саттаров, Музафар Яруллабеков, Абдулла Абдуллин жана башкалар эле. Ал жылдар эң оор жылдар болду. Айыл кыштактарды коллективдештирүү, басмачыларга каршы күрөштүн, чоң саясий өзгөрүүлөрдүн жылдары эле... Алар элди талап-тоноп Кулжа тарапка карап качып жатты. Куралданган бул бандалар бизге аябаган машакаттуу жапа чектирген. Биз, комсомолдор аларга каршы күн-түн дебей үгүт-насаат иштерин жүргүзүүчүбүз.

1930-жылдары таптык күрөштүн кайнап турган чагында райком комсомол комитети ВКП(б)нын саясий токтомдорун элге жеткирүү ошондой эле мектептин тарбия иштерин жакшыртуу милдетин мага жүктөп, туулган айылым Гальжатка жөнөттү. Бул улуу жаңылыктардын ишке ашып жаткан жылдарында биз үчүн мындай жоопкерчиликтүү кызматты аткаруу өтө опурталдуу экендигине карабай, сактыкты бир мүнөт эстен чыгарбай, мойнубузга алган милдетти аткарууга болгон дилибиз менен киришүүчүбүз. Райком комсомолунун активдүү жаштарынын биринен болгон эң жакын досум Барат менен Катман Аксу айылдарынын ортосунда бандалардын колунан курман болгон эле... Бандалар күндүз-түнү бизди аңдып жүрүүчү, эби келген жагдайларда өлтүрүп кетишүүчү...

Районубузда «Үгүт топтору» иштөөчү, айыл-кыштактарга барып элдин саясий, маданий аң-сезимин көтөрүү



үчүн концерт коюп, сахнада ойночубуз. Бул өнөрүбүзгө Умар Закиров, Камирдин Саттаровдор жетекчилик кылчу. Биздин арабызда Сыдык Зуляров, Сыдык Данияров, Юсуп Илиев, Айшам Шамиева, Турсун Закиров, А. Билалов, ысымы эсимде калбаган көптөгөн замандаштар бар эле. «Назигим», «Тахир Зухра», «Гариб Санам» драмаларын койчубуз. Негизги ролдорду Умар Закиров, Айшам Шамиева жана башкалар аткарчу. Табигый таланттар жасалмалуулукка эч качан жол бербейт эмеспи. Ошол себептен болсо керек, биз койгон оюндар эмгекчилер тарабынан жогору бааланчу.

Окууга деген ынтызарлык акыры мени Ташкендеги САМИ бөлүмүндөгү Мед РАБФАКка алып барды. 1933-жылы баштаган бул окууну 1934-жылы бүтүрүү менен бирге, Москвадагы биринчи медицина Институтуна экзамен тапшырдым. Окуучулук жылдарда классташым Хамит Юлдашев экөөбүз Надежда Константиновна Крупская жетекчилик кылган Наркомпростун мектеп жашына чейинки балдар бөлүмүндө иштей турган Якуб Хамраевге жолуктум. Надежда Крупскаяны көргөн күнүмдү эске алуу — мен үчүн азыр да өзүнчө бир ажайып учурдай. Жупуну гана кийинген, дили таза, жогорку маданияттуу, ар ким менен тил табышып сүйлөшө билип, жардам берүүгө даяр турган бул улуу аялдын мээрбан элеси азыр дагы көз алдымда! Лениндин өмүрлүк жары биздин «Социалдык гигиена жана саламаттыкты сактоо» кафедрасынын башчысы, профессор Николай Александров менен жүргөндө жолуктум...

Дагы бир дилимде сактаган, мен үчүн зор бакыт катарындагы окуя — Орто Азия жана Казакстанда совет бийлигин орнотуунун негиздөөчүлөрүнүн бири, атактуу өкмөттүк ишмер, Лениндин ишине чын дилинен берилген коммунист, кужурмөн революционер Абдулла Ахматович Розибакиев менен таанышканым эле. Бул адам ошол жылдарда Москвадагы «Тил адабият институтунун» директору эле, ошондой эле эл аралык институтта сабак берүүчү.

Мен Якуб Розиевдин сунушу менен А. Розибакиевдин карындашы Фатима Розибакиева менен жолуктум. Көп өтпөй биздин турмуш жолубуз кошулуп, бир жаздыкка баш койдук. Бирок маркумдун жашоосу, жарык дүйнөдөгү өмүр жолу кыска болду. 1938-жылы нерв системасы катуу сезгенип, түбөлүк көз жумду... Институтту бүтүргөнчө наристе уулумду боорума кысып, кала бердим...

Кыргызстанда айына бир чыгуучу «Ден соолук» журналынын атайын кабарчысынын Вахаб ага менен болгон маегин сандарынын биринде жарыялаган.

Кабарчы: — Мүмкүн болсо, эң алгачкы эмгек жолуңуздун башталышы тууралуу бир азыраак токтолуп кетсеңиз.

Хожамбердиев: — 1939-жылы, окууну аяктагандан кийин СССР Саламаттыкты сактоо Министерствосунун аппаратында иштеп калдым. Демек, мен кош бакыттын ээси болдум. Биринчи бактым — Москвадагы Сеченов атындагы 1-медициналык жогорку окуу жайын бүтүргөнүм, экинчиси — учу-кыйырсыз кең Мекенибиздин жүрөгү Москвада алгачкы эмгек жолумду баштаганым, бүтүндөй ааламга белгилүү, медицинанын биринчи карлыгачтары К. А. Семашко, М. П. Кончаловский, Н. Н. Бурденко, А. Д. Сперанский, П. А. Герцен, И. П. Павлов, С. С. Годин, А. И. Абрикосов, Н. И. Бухарин сыяктуу окумуштуулар менен иштешүүм болду. Бул ажайып даанышман адамдар илимий маселелер жөнүндө талашканда ар кимисинин өзүнчө илимий көз караштары ушунчалык далилдүү фактылар менен бышыкталып, бир нукка куюп туруучу. Дарвинизм окуулары, Марксизмдин-Ленинизмдин материалисттик көз караштары, ааламдын физикалык-биологиялык эрежелери, күн менен жылдыздардын тиричиликке тийгизүүчү таасирлери, адамдын акыл-паразатынын чексиздиги тууралу сөздөрдү андагандар айраң калаар эле. Алардын дагы бир асыл касиеттери — талаштуу маселелерге келгенде өзгөнүн көңүлүнүн калаарын эске албай, болгон нукура чындык айтылуучу.

Бири-биринин пикирин угуудан зерикчү эмес, сөздөрдү бурмалоо, кыянаттык, кек сактоо сыяктуу жаман кылыктар алардын табиятында жок болуучу. Алар канчалык каршы болушса да, жыйындан тараганда колтукташып, ынтымактуу, бирин-бири урматтоо менен тарашуучу. Өздөрүнүн үй-бүлөлүк бактысы жөнүндө түк дагы ойлонушпай, жалпы элдин саламатчылыгын биринчи планга койгон бул ак көңүл адамдар мага табияттын өзгөчө жараткан жандарындай туюлчу. Илдеттин келип чыгышы тууралу неврогенндик системаны жактаган М. П. Павлов тобу менен Гуммарольный системасын колдогон А. Д. Сперанскийдин тобунун ортосундагы талаш, бири-бирине окшобогон көз караштар азыр да улантылууда.

«Ден соолук» журналы Вахаб аганын 1940-жылдардагы эмгеги жөнүндө мындайча баян этет.

«1940-жылы Вахаб Исякович Ала-Тоо аймагына келип, ишке орношту. Келген күндөн баштап Республикадагы Медициналык тез жардам кызматын уюштуруучулардын бири болгон. Ал келгенден кийин Фрунзе шаарындагы медициналык тез жардам берүүчү станциянын башкы врачы болуп эмгектенди. Кыргызстандын чет-жакаларында жаңылык болуп эсептелген медициналык кызматтын абалын иретке келтирүүгө жигердүү киришкен алгачкы медициналык карлыгачтардын бири Вахаб Ислякович Хожамбердиев эле. Кийинчерээк шаардык өпкө оорулар диспансеринин башкы врачынын милдетин кыйла убакыттарга чейин аткарып келди. Медициналык ар кандай кесиптеги врачтардын, ооруларды дарылоочу бөлмөлөрдүн, амбулаториянын, төрөт үйлөрүнүн, аялдар, балдар консультацияларынын жетишсиздиги аз келгенсип, ар кандай жугуштуу: чечек, келте, безгек, ич өткөк ж. б. көптөгөн оорулар адамдардын апааты болучу. Экинчи тараптан элдин түшүнбөстүгүнөн, медициналык тез жардамдын пайдасын туура түшүнбөй, өз учурунда медициналык кызматка кайрылбай да келишти. Шаардагы оорукааналарда жетекчи жана врачтык кызматтарда иштеп, медицина кызматын уюштурууда, аларга коммунист катарында жол көрсөтүүдө Вахаб Хожамбердиевдин сиңирген эмгеги зор».

Бул баяндалгандардан тышкары — Вахаб ага Фрунзе шаардык оорукананын базасында талаа хирургу деген наамдагы врачтарды даярдоо курсунун уюштуруучуларынан. Бул белгилүү курста лекция окуу үчүн ал Москвада эки айлык окууда болгон, П. П. Царенко, К. С. Нигматуллиндердин таалимин алган.

Согуш башталганда, 1941-жылы фронттон жарадарлар Кыргызстанга жөнөтүлүп турду. Дал ушул жарадарларды кабыл алууда Вахаб Хожамбердиев жооптуу врач болуп дайындалган. Анын согуш майданына аттануу өтүнүчү Фрунзе шаардык коргоо комиссариаты тарабынан үчүнчү жолку кайрылышында канааттандырылып, 1942-жылы 9-февралда ажал менен өмүр бетме-бет тирешкен согушка аттанды.

Ал Белоруссия фронтундагы 3-Армиянын 137-аткычтар дивизиясынын 175-артиллерия полкундагы талаа госпиталынын жетекчи хирургу болуп дайындалды. Вахаб Исляквич Москва шаарына коншулаш Ельца шаарындагы Орлов поселогунун жанындагы советтик солдаттардын көрсөткөн каармандыктарын көзүнө жаш албастан эскере албайт.

1943-жылдан баштап 3-армиянын 51—42 талаа госпиталында хирургдук бөлүмдө иштеди. Мария Михайловна-нын «Вечерная Фрунзе» газетасынын 85-жылдагы 93-санында дал ушул жылдарды эскерип жазган.

«...Бизге операция столунан бир мүнөткө бура басууга мүмкүнчүлүк жок, күнү-түнү иштеп турчубуз. Орундуктарда ара-чолодо чырм этебиз. Операциялар ушунчалык

көп, биздин колдорубуз операциядан бошобогондуктан, ал учурда айрым жолдоштор бизди ыр менен тамактандыруучу. Мекендештер өлүм менен кармашып турганда биз, советтик врачтар үчүн дем алуу зор кылмыш эмеспи! Солдаттарыбыз кар-муз кечип, душман менен алпурушуп турганда бизге, врачтарга өлүм менен «согушуу» зор милдет эмеспи! Аскерлер согуш майданында салгылашса, биз советтик врачтар алардын жараланганадарын айыктырып, катарга кайтышынын камын көрбөдүкпү...»

Вахаб Ислякович өз эмгеги, оорулууларга жасаган астейдил мамилелери менен кадыр-баркка жетишкенинен кабардар болгон фронттун башкы хирургдары М. Н. Ахутин, С. С. Шамов, С. С. Юдин кийинки жылдарда да Вахаб Ислякович менен байланышын үзбөй келе жатышат. Дагы бир айта кетүүчү нерсе, кайсы кесипте иштесең да өз кесибиңди сүйбөсөң, урматтап өркүндөтпөсөң — андан жарытылуу майнап чыкпайт. Ичинде ок калган жарадар бир сутканын ичинде операцияланышы зарыл. Эгерде мындан узарып кетсе, операция жардам бербейт. Муну врачтар эстеринде тутушат. Вахаб Ислякович сакайткан жарадарлардын 5—10%тин түздөн-түз өлүм оозунан сактап калды. Тигил фронттун башкы врачтарынын көрсөткөн урматы да ушул себептен.

— Советтик врачтардын,— деди Вахаб Ислякович — жарадар мекендештерибизди өлүмдөн сактап калуу үчүн жасаган аракеттеринен оор түйшүк жок. Өлүм — көз ачып жумганча өз өкүмүн жүргүзүүчү таш боор. Биздин операциябыз аралжы болгон миңдеген советтик жоокерлер өз учурунда ыразылыгын билдиришип, колубузду кысышкан.

Бүткүл совет элинин төрт жылдан бери чыдамсыздана күткөн Жеңиш күнү, 1945-жылдын 9-майында гана келди. Бул күн табиятты гүлзарга айландырып, куштардын сайрашы да салтанаттуу угулган, Жер-Энени бейиштей кулпуртуп, табияттын жаштыгын кайтарып берди. Жеңиш күн — бул совет элинин эле эмес, баардык адамзаттын майрамына айланган, адамзат тарыхына жексур фашисттерди жеңген улуу күн катары алтын тамгалар менен жазылды. Бул күн — совет элинин курман болгон 20 миллион перзентинин азасын күтүү күнү!.. Жеңиш күнү — бул учукыйырсыз совет өлкөсүнүн бардык шаарларында, айыл, кыштактарында Салют берилчү күнү, жеңиш күнү, бул — Ата-Мекендин жүрөгү болгон шандуу Москвада дүйнөнү таң калтырган Параддын Кызыл Аянттан шандуу өткөн күнү!

Мына ушул улуу 1945-жылы жеңиш күндү Вахаб Ислякович Берлинден 60 чакырым алыс, 2-Май күнү куткарылган Франкфурт шаарда эле. Бирок, Вахаб Ислякович баары бир эле бул жеңиш күндүн майрамын Рейхстагда тойлоду...



9-май, Вахаб Исляковичтин туулган күнү болучу. Рейхстагдагы жеңиш күнүн майрамдоо менен бирге Вахаб Исляковичтин достору анын туулган күнү менен да куттукташты. Советтер Союзунун баатыры Даутин Нехай ошол күнү Рейхстагдан алынган дубал саатына бир килемди кошуп Вахаб аганын туулган күнүн куттуктап тапшырган. Алар азыр Вахаб аганын үйүндө сакталуу.

— Согуш,— деди улутунуп алып, Вахаб ага,— не бир асыл адамдарыбыздан мезгилсиз айрыды. Бирок алардын эрдиги, элеси жүрөктөн чыкпайт. Биздин жүрөктөгү ушул жылуу сезимдерди кийинки муундарга туура жеткирүүбүз керек!... Биз согуш ветерандары жеңиш күндөрүндө жолугушуп турабыз. Бир жолу Москва менен Ленинградда, эки жолу Минскиде жолугушуу өткөрдүк. Эгер саламатчылыгыбыз дурус болсо, биздин талаа госпиталынын ветерандары дагы бир ирет жолугушуу өткөрмөкчүбүз...

Биздин өкмөт менен коммунисттик партиябыз Вахаб Исляковичтин медицина тармагына сиңирген эмгеги менен Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн «Кызыл жылдыз», «Экинчи даражадагы Ата Мекендик согуш» ордендери баш болгон 17 медаль жана Советтер Союзунун куралдуу күчтөрүнүн жогорку командачысынын берген 13 грамотасы менен сыйланган.


Кыргызстан аймагында Вахаб Исляковичти таанybaган врачтар өтө эле аз. Себеби көптөгөн медик адистер анын колунан таалим-тарбия алган. Биздин бул кадырлуу агабыз пенсияга чыкса дагы, өзү тандап алган бул кесибинен кол үзгөн жок. Азыр болсо, Кыргызстан Онкология жана Радиология илим изилдөө институтунда ишин улантууда. Анын үстүнө пенсияга чыккандан кийин 3 илимий макала жазуу менен бирге, уулу Игорь менен авторлошуп 20 басма табак «Кыргызстандын медициналык географиясы» деп аталган монографияны жазып бүтүрдү. Азыр Кыргыз ССРинин географиялык Атласын басмага даярдап жатат.

— Мен,— деди Вахаб Ислякович,— эки ирет контузия болгомун. Биринчи жолу согуш майданында жарадарларды ташуу мезгилинде, экинчиси Людинова шаарынан алыс эмес токойдо. Мен муну бекер жеринен айтып жатканым жок. Ошол өлүм алдында жатканымда мени Мария Михайловна аман сактап калды. Улуу Ата Мекендик согуштагы өмүр жолумдун башынан аягына чейинки менин турмушумдагы Мария Михайловнанын мээрбан жакшылыгын

унутууга акым жок. Азыр Мария менин аялым, өмүрлүк эң жакын жолдошум. Ошол себептүү дагы мен аны өзүмдөн ашыкча кадырлаймын. Ал орус аялдарына таандык мээримдүүлүгү, кичипейилдиги, ак көңүлдүгү, ырайымдуулугу менен мага жар-жөлөк болду.

Азыр Вахаб Islякович менен Мария Михайловнанын бир гана уулу — дал ушул Игорь. Ал медицина илимдеринин кандидаты. Эки баланын атасы, жашы кыркта.

— Биздин ысымыбыз,— деди Мария Михайловна,— Мекен тарыхында, же болбосо балдарыбыздын, неберлерибиздин жүрөгүндө сакталып калат. Мындан жарым кылым илгери Вахаб Хожамбердиев менен менин ысымым Рейхстагдын дубалына жанаша жазылган эле. Мына азыр ошол жанашкан калыбыбызды бузбай, бири-бирибизге болгон ызат-урматыбызды кемитпей, жетелешип бири-бирибизден калышпай, өмүр сүрүп келе жатабыз...





## ЭМГЕК КАЙТАРЫМЫ

Ысмайыл аке Өзбекстанда туулса да, анын балалык доору, көпчүлүк өмүрү кыргыз жергесинде, кыргыз, өзбек, уйгур балдарына таалим-тарбия берүү менен өттү. Үч жашында атасынан, он жашында энесинен айрылган Ысмайыл, 1923-жылы Пржевальск шаарындагы Нариман баштапгыч мектебине келип кирет. Аны бүтүргөн соң Анжыян шаарындагы аз сандуу улуттун балдарынын мектебин 1933-жылы бүтүргөндөн кийин, Фрунзе шаарындагы баштапгыч уйгур мектебинде педагогикалык эмгек жолун баштайт. Эмгекке берилген адам убакыт менен эсептешпейт. Ысмайыл аке мектеп иши менен канааттанып калган жок. Ал түшкө чейин балдарга билим берсе, түштөн кийин шаардагы уйгур эмгекчилеринин арасында сабатсыздыкты жоюу боюнча үгүт-насаат иштерин жүргүздү. Ысмайыл акедеги элге деген далалат, ишенимге таянып аны чыгармачылыкка да шыктандырды. Өзү жазган «Кызыл кербен», «Кашкар кызы» сыяктуу пьесаларда эркиндикке жеткен уйгур аялдарынын Октябрь революциясынан кийинки турмуш абалдары чагылдырылган. Ал пьесалары учурунда Фрунзе, Токмок шаарларында коюлган.

Ысмайыл Момунов 1935-жылы Фрунзедеги уйгур баштапгыч мектебин 7 жылдык мектепке айландырат. Бул үчүн аябай эмгектенди, себеби ал кездерде ата-энелердин урук-сатысыз балдарды мектепке тартуу кыйын болчу, Кырыз,

Уйгур, Өзбек калктарынын арасында сабатсыздыкты жоюу үчүн талыкпай эмгектенди. 1936-жылы Токмоктогу баштагыч уйгур мектебине кошулгандан кийин, элге билим берүү министрлигинин тапшырмасы боюнча Жалал-Абад шаарындагы № 2 өзбек орто мектебинде педагогикалык кесибин улантты, анан Жумгал, Кочкор райондорундагы кыргыз орто мектептеринде иштеди, 1942-жылы Кочкор районунан аскерге чакырылып, Фрунзе шаарындагы аскер окуу жайына жөнөтүлөт. Окуу жайды бүтүргөн соң, 1943-жылы батыш согуш фронтуна аттанып 16-армия 108-аткычтар дивизиясында кандуу, оттуу, муздуу жолдорду басып, бул жылдардагы анын өмүрүнүн көбү — күн-түнү өлүм менен өмүр бетме-бет кармашкан салгылашууларда өттү. Алты ирет жарадар болсо да, согуш бүткөнгө чейин катардан чыккан жок. Согуш ардагери Ысмайыл Момунов өзүнүн башынан өткөргөн ошол жылдарды көз алдынан өткөрсө, бүтүндөй бир кылымга тендешкидей эле болуп кетет.

Орел-Курск дугасындагы кандуу салгылашуулар Ысмайыл акенин эсинде күнү бүгүнкүдөй сакталуу. Ошол жылдардагы алааматтуу элестер азыр да анын денесин титиретип, жүрөгүн козгоп жиберет. «1943-жылдын март айларында Орел-Курск дугасындагы биздин 108-дивизияз кандуу кыргынды баштан өткөрүп турган болчу,— деп, кээде эскере калат ал. — Немецтик фашисттер менен биздин арабыз 100 метрчелик жакын эле. Алар дарыянын жогорку жагында, биз болсо төмөнкү жагында жайланышканбыз. Дарыя кызыл канга боёлуп агып турду. Пулемёттордун үзүлбөгөн үндөрүнөн, согуш самолётторунун добуштарынан, жарылган граната, бомбалардын күрүлдөгөнүнөн, эне жер куду ат ала качкан арабадай титирейт. Ушул жылдын апрелинде фашисттерге каршы колубуздагы куралдар менен өч алуу сезимин козгоп, кармашуу барган сайын каардуу боло баштады. Совет аскерлеринин мындай кысым күчүнө туруштук бере албаган фашисттер артка чегинүүгө мажбурланды. Бирок алар качып кутулуу максатына жеткен жок. «Белой Кашни» кыштагы биздин колубузга өттү. Бул кыштакта бир да тирүү жанды кезиктире албадык. Бүт үйлөрдү кыдырып чыкканыбызда фашисттердин жырткычтыгын көрүп, үн чыгарып ыйладык. Эркектер жерге тирүү көмүлгөн, наристелер кудукка ташталган. 30га жакын балдарды бир эле кудуктун ичинен чыгардык. Таза дилдүү адам баласынын жүрөгүн титирете турган бул укмуштай жырткычтык өмүр бою менин карегимде калды. Кээ күндөрү эсиме түшсө, чочуп ордуман туруп кетем. Биздин эне — мекенибиз, улуу муундагы ага — эжелерибиз ошол жылдардагы башынан өткөргөн азаптуу оор күндөрдү унутуу, бүгүнкү бактылуу заманды баалабоого жатат. Ал улуу учурду унутуу согушта апат болгон 20 миллион совет адамынын төгүлгөн канын унутуу, ар бирибиздин адам болуп жаралгандыгыбызды унутуу менен барабар...»

Бул — күз айларындагы түрүлүп, асманды караңгылатып каптап келе жаткан кара булут сыяктуу жүрөктүн тереңинен чыккан ачуу толкунду жараткан оор жылдар эле. Ельно шаарын алуу үчүн болгон согушка да Ысмайыл аке активдүү катышкан. Ал госпиталда узак дарылангандан кийин, батыш фронтуна кайрадан барып, жаңы эле кошулган дивизия 100дөн ашык айыл-кыштактарды душмандан бошотту. Кечке жакын Ельно шаарына жетип келишти. Фашисттер шаардын коргонуу жасалгаларын курушуп бекинишкен. Анын үстүнө шаардын ыңгайлуу чекиттерине орнотулган пулемёт, миномёттордон, согуштук башка куралдардан үзгүлтүксүз жааган октор биздикилердин алга жылышына мүмкүндүк бербейт. Өзү командирлик кылган пулемётчуларга ок атууга буйрук берди. Ошонун аркасында солдаттар алга жыла баштады. Ал блиндажда жайгашкан шаар калкын көрүп калды. Душман самолётунун аларга бомба таштоосуна мүмкүнчүлүк беришпеди. Картаң чал-кемпирлер, балдар болуп 200дөн ашык адам блиндажга топтолгон экен. Алардын айтуусу боюнча, 800гө жакын шаардагы жаш кыздарды фашисттер алып кеткендиги белгилүү болду. 23 саат катуу салгылаштан соң шаарды кайтарып алышты. Бул 1943-жылдын 1-сентябры болчу. Жер тамдарда камалып жатышкан, күн көрбөгөндүктөн саргайган балдар, аялдар, чалдар шаар көчөлөрүнө чыга баштады. Алардын көпчүлүгү күндүн көзүн көргөнүнө сүйүнүшүп жүрүштү...

Ошол күндөрдөгү эрдиги үчүн Ысмайыл Момунов «Ата Мекендик согуштун I—II даражадагы» ордени жана «Эрдиги үчүн» медалы менен сыйланган. Ал 1945-жылдан тартып КПССтин мүчөсү, анын сүрөттөрү Фрунзе шаарындагы № 24, № 51 орто мектептерде, Токмок шаарындагы № 107 орто мектептин музейинде, № 28 Бобровский орто мектебинде, Ельно шаарындагы музейде сакталып турат. Ар жылы Жеңиш күнү 9-Майда Москвадагы согуш ветерандарынын советинин атынан куттуктоо каты келип турат. Ысмайыл Момунов акеге жогоруда аты аталган мектептердин миңдеген окуучуларынан толгон куттуктоолор келип турат.

Согуш аяктагандан кийин Ысмайыл Момунов Фрунзе шаарына кайтып келип, № 5 орто мектепте педагогдук ке-

сибин кайрадан улантты. Өзбек класстарына өзбек тили жана адабиятынан, кыргыз класстарына болсо аскер даярдыгы боюнча сабак берди. 1948-жылы партиянын шаардык комитетинин тапшырмасы боюнча, турмуштун ар түрдүү тармактарында иштеп жүргөн кыргыз, уйгур, өзбек, казак, татар жана башка улуттардын жаштары үчүн биринчи жолу кечки жумушчу жаштар мектебин ачты. Алгач мектепте 150 улан — кыз окуй баштаган. Кийин № 7 мектепке кечки жумушчу — жаштар мектеби деген наам берилди. Ысмайыл Момунов биринчи жолу ошол мектепке директор болуп шайланды. 1949-жылы Ташкенттеги Низами атындагы педагогикалык институттун тил, адабият факультетин сырттан окуп бүтүрдү. 1952-жылы Токмок шаарындагы № 4 өзбек мектебинде, 1962-жылы болсо Ош областынын Сузак районундагы А. Гайдар атындагы мектепте иштеди. Бул жерде 10 жылга жакын элдик көзөмөлдөө комитетинин төрагалык кызматын аткарды. Коммунист, согуш ветераны, эмгекчил педагог Ы. Момунов окуткан окуучулардын ичинде Советтер Союзунун Баатыры Розу Азимов, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Сайдулла Акбаров, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы Санавар Оморбаева, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген агроному Юсуп Молодоахунов жана башкалар анын эмгегинин кайтарымы эмеспи.

Ысмайыл Момунов 1976-жылдан бери татыктуу эс алууда.





## ВРАЧТАР

Кичи пейил мүнөздүү, дилиндеги жылуу сезимдери менен адамдагы нукура адамгерчиликти козгоп, өзүнө таандык мээрмандыгы аркылуу адамга жугумдуу Хамит Розиевдин өмүрдө басып өткөн жолу өзүнчө эле бир дастан. Кайдан, кайсыл убакта жолукпагын, ал ар дайым күлүпжайнап, ачык-айрым тосуп алат. Шыңга бойлуу, буудай өңдүү, ачык жүздүү, таттуу сөздүү, сөөлөтү да келишкен, көргөндүн көөнүн өзүнө бурган бул адам мына азыр сексенден ашып калса да, баягы жигиттик сымбатын бузган эмес. Сырткы көрүнүшүнөн эле ички дүйнөсүнүн тазалыгы даана сезилип турат. Чындыгында Хамит аксакал эч кимди иренжитүүнү билбеген ак көңүл, бөтөндөрдү өзүнөн артык көргөн кеңпейил, мээрбан адам. Өз өмүрүндө, пейилине ылайык кесипти — адам саламатчылыгынын «инженерлигин» тандап алганы дагы бекеринен эмес. Бул тармакта өзүнүн гүлгүн өмүрүнүн 34 жылын, башкача айтканда эмгекчил өмүр жазынын мөмө берээрлик курагын, баардык табияттын эң улугу адамдардын саламатчылыгын чындоого арнаган.

Адатта адам баласы өзүнүн өмүр жолунун белгилүү бир бийиктигине жетип алган соң, түбөлүккө соңунда калып жаткан издерине назар салып, аларды талдай баа берет. Мындай учурда өзүнүн ким экендигине, ким үчүн жашап жаткандыгына, бул дүйнөдөгү адамдар тутумун-

дагы өз ордунун канчалык даражада экендигине, сындай баа берет. Замандаштарынын, ошондой эле артында калаар урпактардын келечегине эмгеги менен кошкон салымын өлчөйт.

Эгерде бир келип кеткен адам баласынын теңдеши жок өмүрүндө, ал — эл үчүн, жер энени гүлдөтүү үчүн оозго алгыдай эмгек терин төгүп, адал эмгеги менен өз салымын кошпосо, ал адам өзүнүн адамгерчилик үлүшүн кошо албаганы, тагыраак айтканда ал адамдык милдетин аткарбаганы деген түшүнүк жөндүү эле эмеспи. Милдетин өтөгөн адам өмүрүн жыйынтыктоодо канааттанууга ээ болуп, жашоосун бейкам улантат.

Хамит Розиевдин өмүр-тарыхын баамдаган адам анын жашоодогу аракеттери текке кетпегенин сезет. Анын өмүрү — замандаштарыныкына окшогону менен, анын аракеттерин айырмаланткан окуяларга ширелген, ошону менен бүгүнкү жаштарыбызга үлгүлүү болоорлук жактары бар.

1935-жылы Ташкендеги Медицина институтун бүтүргөн соң Кыргызстанга жолдомо алган алгачкы врачтардан. Ал учурда Хамит Розиев менен бирге бул көркөм чөлкөмгө Иса Ахунбаев, Куддус Насыров, Молдогазы Садыков, Кудрет Садыков, Бүкөн Ахунбаева, Дилапар Розиева сыяктуу бир топ врачтар келет. Мына ушул өздөрүнүн өмүрүнүн эмгек кадамдарын биринчилерден болуп шилтешкен жаш врачтар уйгур, казак, кыргыз, татар экендиктерине карабай, бири-бирине бир туугандай мамиледе болуп, алардын дили Лениндик көз караштын нугунан калыптанган болучу. Окуучулук мезгилдеринде алар турмуштун ошол учурдагы түрдүү татаал машакаттарын тең бөлүшө, бирине-бири өбөк-жөлөк болуп жетилишкен, Кыргызстан медицинасынын тарыхынын алгачкы барактарынан орун алышкан.

Хамит Розиев Кыргызстанга келээри менен эле «жугуштуу оорулардын алдын алуу жана аларды жоюу» боюнча «Безгек оорулары» бөлүмүнүн жооптуу башчысы болуп ийинине ак халат илген эле. Ал учурда Кыргызстанда врачтар жок, бул сыяктуу жаш бүтүрүүчүлөр республика үчүн аба менен суудай керек болучу. Безгек оорусу чөнемсиз көп таралып, адам организмин күндөн күнгө начарлаткан жугуштуу, ары өтө кооптуу оорулардан болучу. Ошого байланыштуу буларга каршы күрөш — акыл-паразатты, күч-кубатты, сергек сезимди, машакаттуу аракетти талап кылуучу иш эле. Алгачы безгек оорусуна каршы беш станция, эки пункт ачылган болсо, кийинчерээк 18 станция, 16 пункт ишке киргизилген. Ошол жылдарда Кыргызстан боюнча безгек менен ооругандардын жалпы саны 120 миңден ашуун эле. Хамит Розиев сыяктуу талыкпас врачтардын тынымсыз эмгегинин натыйжасында 1941-жылы 17 миңге жакын безгек менен ооруган адам калды. Демек алты жыл ичинде жети эсеге чейин азайды.



— Безгек оорусунун эмне илдет экенин азыркы муундун жаштары билбейт,— деди Хамит Розиев. — Аны жоготуу тарыхы ушинтип башталган. Бирок бул илдеттин түптамырына балта чабуу өз убагында ишке ашпай калды. Аалам туйбаган кандуу согуш мекенибизди алсыратып кетти. Кандуу согуш канча адамдын дал ушундай каарман ишин токтотуп, согуш майданына алып кетти. Согуш канча миллиондогон жандын үмүт-тилектерин отко таштатты. Канча миллиондордун туйлаган назик жүрөгүн мезгилсиз токтотту. Улуу мекенибизге калтырган анын жарааты өчкөнү менен, совет элдеринин жүрөгүндө түбөлүккө өчпөй турган так салды...

Хамит Розиев толгоно ойлонуп алды. Анын көз алдында ошол оор жылдардын азап-тозоктору, кудум китеп барактарындай ачыла баштады белем, ошондон улам мен да тил жарып сүйлөөгө батына албай калдым. Ал тартуулаган, азыркы адамдардын жүрөктөрүн да сыздата турган кайгыны эстерине салуунун өзү канчалык оор. Аны эстешкенде көздөрдөн ысык жаш тегерене түшкөнүн кантип байкабай калууга болсун?!

Бир аздан соң Хамит Розиев кайгылуу улутуна, кенен дем тарта көкүрөгүн көтөрүп, сөзүн улантты:

— 1942-жылы февралда мен жоокерлер сабына чакырылдым. Мекенибиздин башына мүшкүл түшүп турган чакта, согуш майданына аттануунун зарылдыгын алдын ала туюп жүргөн болчумун. Ошентип мен дагы согушка аттандым. Согушта мен 3-армиянын 209-дивизиясындагы 22 полкто башкы врач болуп иштей баштадым. Буту-колунан айрылган, бул жарык дүйнөнү бир көрүүгө зар болуп, карегинен ажыраган майып жоокерлерди көргөндө өзүбүз дагы буту-колдон айрылгандай, көздөн ажырап калгандай абалда калчу болдук. Тек, араларында топтоголок, мүчөлөрүнөн толук ажырагандары да болоор эле. Аларды көргөндө өзүбүзчө өксүп, ыйлап да алчубуз. Көздөрдөн жаш мөндүрдөй төгүлүп турса да операцияны токтотчу эмеспиз. Ыйлаган себебибиз өз мекендештерибиздин колу-бутун кесип, ичин жарууга да туура келээр эле. Ылаажы жок. Өлүмдөн арачалап калуу биздин парыз. Амалсыздан көзүбүздү жуумп туруп ушул ишти аткараар элек. Ал мекендештерди тирүү сактап калуу, бир күн болсо дагы жарык дүйнөнүн таза абасынан дем алдыруу биздин Мекен алдындагы ыйык милдетибиз болучу. Биз өзүбүз ал кездерде

курал алып согушка кирбегенибиз менен мына ошол каарман жоокерлерге жардам көрсөтүп, алардын катарларын толуктап туруу үчүн болгон аракеттерибизди жасадык. Гитлер баскынчылары менен бетме-бет кармашка катышкыбыз келип, каныбыз кайнап кетээр эле. Бирок бизге тапшырылган милдеттин да олуттуу, жооптуу жактары бар эмеспи!..

Ал Курск-Орел дугасында, Покровск котелунда болгон кандуу чабуулдарга катышкан. Атайын курал көтөрүп чабуулга чыкпаганы менен кырдаалга ылайык, аргасыздан аралашкан учурлар болгонуна кимдин да болсо акылы жетээр.

Хамит Розиев салтанат күндөрүндө көкүрөгүнө биринчи жана экинчи даражадагы Улуу Ата Мекендик согуштун орденин, «Мекенди коргоодо көрсөткөн эрдиги үчүн», «Кенингсбергди бошотууга катышкандыгы үчүн». «Берлинди бошотууга катышкандыгы үчүн» жана «Ата Мекендик согуштун жеңүүчүсү» деген медалдарды жаркырата тагынат.

Ушундай кан күйгөн алаамат согуштун өртү асман жерди каптап турган чакта күн-түнү уйку көрбөй кызмат кылган Хамит Розиев 1943-жылы Лениндик коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынды. Көп өтпөй эле полктун партиялык уюмунун секретарлыгына шайланды.

Улуу Ата Мекендик согуш аяктагандан кийин Хамит Розиев Кыргыз ССР Саламаттык сактоо министрлигинин өтүнүчү боюнча кайрадан кыргыз жергесине кайтты. Согуштун оор запкысынан жабыр тарткан жердештеринин турмуш акыбалын көргөндө Хамит Розиевдин сай-сөөгү сыздады. Замбирек огу атылбаган, граната, бомбалардын дабышы угулбаган бул жерде жашоонун өзү канчалык оор абалда экенин байкагандан кийин, ал өзүн экинчи согуш фронтуна келгендей сезди. Баягыда жалпы калкты азапка салган «Безгек оорусу» эбегейсиз күчөп, кайрадан көбөйүп кетиптир. Хамит Розиев эми өзүнө жүктөлгөн милдет аз эместигин, медицина тармагында элге жардам көрсөтүүгө дагы бир ирет аттангандыгын анык туйду. Бир жагынан кирпик какпай иштесе, экинчиден «Безгек оорулары, алардын келип чыгышынын себептери, аларды жоготуунун чаралары жөнүндө» макалаларды жазды. Айыл-кыштак жерлерине барып эмдөө иштерин жүргүздү.

1954-жылы медицина тармагында көрсөткөн үзүрлүү аракеттери жогору бааланып, Кыргыз ССР Жогорку Советинин токтомунун негизинде Хамит Розиев «Республикага эмгек сиңирген врач» деген ардактуу наамга ээ болду. 1959-жылы Республикада «Безгек ооруларынын» биротоло жоюлушуна байланыштуу Кыргыз ССР Жогорку Советинин ардак грамотасы жана баалуу сыйлыктар менен сыйланды. Дал ушунун баары Хамит Розиевдин өмүрүндөгү эстен чыккыс нарктуу күндөрдүн бири катары анын эсинде сакталууда.

Кыргызстандын территориясында «Безгек ооруларын» биротоло, түп-тамырынан бери жоготууда өзүнүн олуттуу салымын кошкон Хамит Розиевдин сыймыгы — биздин да сыймык дешке толук акылуубуз.

...1950—1951-жылдары безгек илдетин таркатуучу чымын-чиркейлерди жоготуу үчүн Кыргызстан Саламаттык Сактоо Министрлигинин буйругу боюнча самолёт менен ошол чымын-чиркейлер өрчүгөн жайларга «ДДТ» порошоктору чачылган. Бирок бул аракеттер анчалык өнүмдүү натыйжа бербеди. 1952-жылдын апрель айынын 22-күнү чыгарылган 76-номерлүү буйрук боюнча жогоруда аткарылып жаткан иштер токтотулду. Анын себеби Хамит Розиев алар менен күрөшүүнүн башкача бир ыкмасын колдонуу тууралу маселе койгон болучу. Айыл-кыштактардын, үйлөрдүн, мал-короолорунун тегерек-четин, жолдорду тазалоо, дары себүү сыяктуу иштерди аткаруу зарылдыгын көрсөткөн. Демек тазалыкты ишке ашыруу, баардык эле оорунун алдын алуунун, ошондой эле безгектин дагы жоюлушунун бирден-бир негизги себеби экендигин иш жүзүндө далилдеп берген. Бул айтылгандардын баарынын ишке ашырылышы бир нече айдын ичинде бул коркунучтуу илдетке чалдыккандардын санын жети эсеге азайтты. Экинчи, дагы бир маанилүү жагы чыгымдалчу бир жарым миллион сомдук каражат үнөмдөлүп калды. Бул табылгасынын натыйжасы үчүн «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланды. Бул ыкма жеке эле Кыргызстанда колдонулбастан, башка коңшулаш Республикаларда дагы кеңири колдоого алынды. 1959-жылы Орто Азия республикаларынын ичинде Кыргызстан безгек илдетин жоюуну биринчилерден болуп турмушка ашырды.

Азыркы биздин жаштар бул илдеттен капарсыз, бул илдеттен жапа чеккендер дээрлик жок. Азыр аны улуу муундун адамдары гана кээде ичиркене эстегени болбосо, такыр оозго алышпайт.

Коммунисттик партия менен совет мамлекетинин, өзүнүн ар бир атуулунун саламатчылыгы үчүн аталык камкордугу адамгерчилик-гуманизмге жана адилеттүү принциптерге жооп берет. Социалисттик коомдун эбегейсиз гүлдөөсүнө кызмат кылат. Демек, биздин өлкөдө саламаттыкты сактоо тармагы негизги жооптуу, чоң тармакка айлангандыгынын негизги касиети дал ушунда.

Хамит Розиев жарым кылымдан ашуун өмүрүн ушул

гүлдөгөн Кыргызстан аймагында өткөрүп келе жатат. Ушул жерден ал орун-очок таап, үйлүү-жайлуу, балалуу-чакалуу, небере-чөбөрөлүү болду. Тагыраак айтканда анын өмүр жылдызы ушул чөлкөмдө жанды. Өмүрлүк жубайы Дилапар Розиева татар кызы. Балдар врачы болуп көп жылдар бою үзүрлүү эмгек этип, азыр кадырлуу пенсияда. Ал киши дагы жолдошу Хамит Розиев менен бирге Ташкендеги Мединститутту бүтүрүп Фрунзеге келген. Безгек ооруларын жоюуга анын да кошкон салымы аз эмес. Алардын уулу Дамир курулуш инженери, кызы Фарида болсо санитар врачы. Буларды бекер жеринен «илимпоздор үй-бүлөсү» деп атабайт.

Хамит Розиевдин дагы бир артыкчылыгын айтпай коюуга болбойт. Ал орусча, кыргызча, татарча, уйгурча таза сүйлөй билгендиктен кызмат учурунда оорулуулардын кимиси болсо да эркин мамиле жасап, туура түшүнүшө алат. Демек, Хамит Розиев Кыргызстанда жашаган көпчүлүк улуттардын тилин билген, оорулууларга өз эне тилинде түшүндүрө ала турган, интернационалдык духта тарбияланган врач. Мына ушундай бир сырлуу, сегиз кырлуу болуш тек гана өз кесибин сүйгөн адамдарга таандык.

Хамит Розиев Республикалык эпидемиялык-санитардык станциянын башкы врачы болуп иштеген чагында эмгекке эт-бетинен түшө калма ак ниети менен эл көзүнө көрүнүп, эки жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, ошондой эле СССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланды.

...1906-жылы Алма-Ата областынын Галжат айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө дүйнөгө келген Хамит Розиев балдардын кенжеси — сегизинчиси болучу. Өз айылынан башталгыч билим алган соң, Жети-Сууда совет өкмөтүн орнотууда чоң салым кошкон, Лнинге чын дилинен берилген саясий ишмер, кыянатчылыктын курманы болгон Абдулла Розибакиев сыяктуу мээрбан адамдардын жардамы менен Хамит Розиев 1922-жылы Осмон Юнусов, Ваит Токлеков жана башкалар менен бирге Ташкендеги РАБФАКка окууга жөнөтүлөт. Ушул мезгилдерде Ленинградда окуп жаткан уйгур жаштары, анын айылдаштары Исак Токтобакиев, Мордун Юнусов, Зия Саттаровдор билим алуунун зарылдыгын далилдеп кат жазып турушкан.

1930-жылы Ташкендеги Мединститутка экзамен тапшырып, аны 1935-жылы артыкчылык диплому менен бүтүрду.

— Биз институтта окуган чагыбызда студенттер арасында «комуна» курган элек,— деп эскере калат, ал кээде. — Андай кылганыбыздын себеби, көпчүлүгүнүн тамагы айга жетпей түгөнүп калчу. Экинчиден — кечкисин сабатсыздыкты жоюу боюнча партиянын чакырыктарын ишке ашыруу максатында мектептерде жумушчу-дыйкандарды окутчубуз. Үчүнчүдөн — каникул мезгилдеринде айыл-кыштактарды коллективдештирүүдө саясий иштерге катышаар элек. Бизде эч кандай бош убакыт болгон эмес...

Ушинтип, алыс калган жаштык мезгилиндеги жалындуу окуяларга бай, баштарынан өткөргөндөрүнүн жаштарга сабак болорлуктарын, ыгы келе калганда айтып берип, карыя жубайлар элге, келечек муундарга деген жаш кездериндеги таламдарын аткарууну улантышып, Мекен алдындагы милдеттерин аткарышууда.





## ХАКИМ ЖАПАРОВИЧ

Коом турмушунда пайда болгон чоң өзгөрүүлөрдү ишке ашырган тарыхый окуялар менен бирге адам заттын дагы өмүр тарыхы үзөнгүлөш эске алына турган болсо, согуштук окуяларга канатташ атала алса, ал учурда буга көңүл бурбай өтүүгө мүмкүн эмес! Дал ушундай эч качан унутулгус из калтырган окуялар, ар бир адамдын басып өткөн жолуна маяк болуп жарык чачып, аларды чексиз ынак, ар тараптуу эске түшүрүп, тирүү жанды түйшүккө салып, шаттандырат. Ошондо гана адам өзүнүн өткөн өмүрүнө ыраазычылыгын баян этет. Адамдын өмүр жолу анын жашоосунун арифметикалык кургак гана санагы эмес, анын кандайча өмүр сүргөндүгүнүн натыйжасын жокко чыгарууга болбой турган, бирден-бир сыпат-далили эмеспи. Демек, адам баласынын кадыр-баркы анын канча жашагандыгы менен өлчөнбөйт, тескерисинче анын кандай жашагандыгы менен белгиленет.

1941-жылы башталган Чоң Чүй Каналынын курулушу Кыргызстандын алгачкы нйгиликтер арасындагы өзгөчө чоң роль ойногон тарыхый окуялардын бири болучу. Бул ар тараптуу канат жайган эмгек кадамдары — Чүй талаасына жаңы берекени, элдик жаңы турмушту гүлдөтүүчү эгин аңыздарынын, мөмө бакчалардын, көрктүү токойлордун, бетегеси белден буралган жайыт-жайлоолорунун, электр станцияларынын өрнөктүү үлгүлөрүн тартуулады. Ошол жылдары эл мүдөөсүнө айланган, азыр болсо өз көзүбүз менен көрүп турган окуялар Чүй аймагын адам таанығыс кылып өзгөрттү. Бул учурларда жапайы, камыштуу, курт-кумурсканын мекени болгон ал, жайлар, мына эми калктын көңүлүн жылуу сезимдерге бөлөгөн жагымдуу ажайып жайларга айланды. Биз жердин өз жүзүнүн өзгөртүүсүнө карап, эмгектин канчалык улуулугун терең андадык. Адам табиятты өзгөртүү менен бирге өзүн-өзү өзгөртүү эрежелерин үзөнгүлөш алып бараарын сездик.

Биздин азыркы шандуу жетишкендиктерибиздин нурданган жылдыздары жакынкы эле күндөрдөн башталган эмес. Алар Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын алгачкы кадамдарынын шарапаты аркасында башталган.

Мына ушул 60—70 миң эмгекчилердин катышуусу менен канат жайган Чоң Чүй Каналынын курулушуна Яруллабеков Хаким Жапаровичтин жекече үлүшү кошулган эле. Ал ошол оор күндөрдө түйшүк менен тер төккөн ар улуттун элдеринин саламатчылыгы үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алып иштеди. Анын ак дилден көрсөткөн адилет кызматы азыр дагы санжырага түшүп, сөзгө алынууда.

Улуу Ата Мекендик согуш башталган учурда да бул каналдын курулушу токтолуп калган жок, тескерисинче зор жигер-кайрат менен кайра күчөтүлүп турду. Ошол жылдарда Яруллабеков Хаким ага Чыгыш Түркстандын карагындагы эмгекчилерге медицина жаатында лениндик улуу камкордукту туу тутуп, какырап жаткан адырлуу талаалар кезип, мал артында тоо-ташты мекендеп эмгектенген жайлоодогу малчыларга өзгөчө чоң мээрбандык менен кызмат көрсөтүүдөн чаалыкпады. Айрым айыл-кыштактарга ооруканаларды курууга көмөктөштү. Эмгекчилер арасында дүйнөгө болгон лениндик, интернационалдык көз караштарды тереӊ түшүндүрүүнү милдетим деп сезди. Анын ал жылдардагы түйшүктүү, чаалыкпас эмгегин ар түрдүү улуттун эмгекчилери урматтоо менен сөз кылышууда.

Хаким Жапарович 1907-жылы Алма-Ата областындагы «Жаңы-Шаар» айылында туулган. Баштооч мектепти аяктаган соң анын окууга деген дилгирлиги Ташкендеги медтехникумга алып келди. Техникумду нйгиликтүү аяктаса да, ага канааттанбады. Жаш жигит билимге кең жол ачылган ушул шаардагы медицина институтуна кирип, аны 1932-жылы артыкчылык баа менен аяктады. Ушул ири окуу жайынын биринчи курсунда окуп жаткан мезгилинде Хаким ага кыргыз калкынын таланттуу перзенти Иса Ахунбаев менен кантип таанышкандыгы тууралу төмөнкүлөрдү айтып берди:

«Иса Ахунбаев ал жылдары даярдоо курсунда окуп жаткан. Окууга өткөндөн кийин анын билимге деген ыш-

кысы, тырышчаактыгы биздин намысыбызды козгогон болучу».

1932-жылы Хаким Жапарович кыргызстанга врач болуп жөнөтүлдү. Ал Ала-Тоо аймагына алгачкы келген врачтардын бирөө эле. Кыргыз жергесине келээри менен ал Пржевальский шаарындагы хирургия бөлүмүндөгү тез жардам берүүсүндө врачтын милдетин аткарды. 1933-жылдан баштап Кыргызстан саламаттыкты сактоо эл комиссариатынын кадрлар бөлүмүндө, андан соң хирург, гинеколог болуп иштеди. 1935—1936-жылдарда окутуучулук адистигине өтүп, көптөгөн медициналык кадрларды даярдады. Бул тармактагы кадрлар, чындыгында эле калк үчүн аба менен суудай зарыл болучу. Кыргызстанда Хаким аганы таанибаган адам аз сыяктуу болгондугу ошол үчүн болсо керек.

1953-жылдан баштап Фрунзе шаарында өзүнүн кызмат-кесибин тынымсыз уланткан Хаким Жапарович, Иса Ахунбаев менен бирге иштей баштады.

— Эмгекчилдиги, кичипейилдиги, тырышчаактыгы менен адамдын жүрөгүндөгү урматты ойготкон Иса Коноевич Ахунбаев менен бирге иштөө, мен үчүн унутулгус күндөрдөн экендиги талашсыз,— деп ал жылдарды эскерүүдө Хаким ага муңайып алды.

Хаким ага 1939-жылдан бери Коммунисттик партиянын мүчөсү, 1954-жылы Мекен алдында өтөгөн эмгеги үчүн «Ардак Белгиси» ордени, «Кыргыз ССРине эмгек сиңирген врач» деген ардактуу наам ыйгарылган.

1957-жылдары кыргыз республикасынын борбору Фрунзе шаарындагы Медицина окуу жайынын студенттерине өзүнүн көп жылдар бою топтогон тажрыйбасын үйрөтүп, окутуучулук иш учугун талыкпай уланты. 1958-жылы Шаардык 1-ооруканaнын башкы врачы болуп дайындалды. Кийинчерээк «Ысык-Ата» санаториясында врачтык милдетти аткарды. Хаким Жапаровичти Лениндик партия кайда гана жибербесин, ал эл алдындагы, Мекен алдындагы өзүнүн милдетин абийирдүүлүк менен аткарып келди. Өмүрүндө башынан кечирген окуялары анын чоң адамгерчилик сапатын айгинелейт.

Хаким Жапарович Яруллабеков медицинанын ак халатчан кызматкери болуу менен эле чектелбей, ашкере өткүр тилдүү, чебер сөзгө эгедер адам. Анын адам көнүлүн кубантуучу кушубак сөздөрүн Иса Ахунбаев да аябай сүйгөн. Жанга жагымдуу, бал татыган сөздөрү менен психологиялык жактан дабаалашка каник, машыккан Хаким Яруллабековдун нускалуу сөздөрүн, ангемелерин укан оорулуулар өздөрүн жеңил сезишип, ооруган жерин да унутуп койгон учурлары көп болгон.



«Биз анын колунда дарыланып жаткан учурубузда, Хаким Яруллабеков качан жылуу сөзүн сүйлөп берээр экен, деп ынтызарлана күтүүчүбүз. Анын бизди дарылоосун унутуп коюп, кызыктуу, ары ынанымдуу айткан аңгемелерине муюп, өзүбүздү соп-соо адамдай сезээр элек»,— дешет көп кесиптеш адамдар. Мына, бүгүнкү күндө да Хаким Яруллабековдун сөз менен ооруларды дарылоо касиетин курбулары, кызматташ врачтары узун-сонор кеп кылышат.


Хаким Жапаровичтин үйүндөгү иш столунда орусча, кыргызча, уйгурча газета-журналдар тирелип турганы турган. Сексенди сермеп өткөн агабыздын ушул күндө талыкпай изденип, эл үчүн кенедей болсо дагы өз эмгек үлүшүн сонунда калтырууга аракеттенүүдө.

Яруллабековдун адамды таңдандыраар дагы бир касиети — анын зиректиги. Ал өз башынан өткөн окуялардын иретин бузбай, качан, кай жерде болгондугун, анда кимдер катышкандыгын, атын, фамилияларынан бери толук жатка айтып берет.

Бул ардактуу адам, өзүнүн табият берген зээндүүлүгүн, турмуштан алган зор тажрыйбасын адам баласынын эң улуу байлыгы болгон ден-соолук үчүн арнады.

Бакыт деген кенен түшүнүктөгү нерсе. Ошол чыныгы асыл бакыттын өзү — адамдардын бак-таалайы үчүн талыкпастан, жекече күч-кубатын, болгон мүмкүнчүлүгүн сарп кылуу эмеспи! Хаким Яруллабеков дал ушундай жашады. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасын эки ирет алган, Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган Хаким Жапаровичтин басып өткөн өмүр жолу даңктуу, нукура бакыттын ээси боло алган. «Адамдын сулуулугу — анын иш-аракети менен замандаштарына көрсөткөн сый-урматынан көрүнөт», деген сөз да бекер жеринен айтылбаса керек. Адам баласына жүрөк мээримин гүлдесте кылган адамдар — элдин дилинде түбөлүк сакталып кала берет...





## АК ХАЛАТЧАНДАР

Ак чачтуу, жылуу түспөлдүү, узун бойлуу, жумшак сөздүү, келишкен келбеттүү Ибрагимов Мамтулахан Хожакунович менен таанышкан соң, менин көңүлүмдө ага деген жылуу сезимдер жандана баштады. Анткени, күнөстүү Кыргызстанда жашаган орус, өзбек, казак жана башка ар улуттун өкүлдөрү менен бирге Кыргызстандын Медицина тарыхына өздөрүнүн үзүрдүү эмгек үлүшүн кошуп келе жатышкан Мамтулахундай уйгур перзенттеринин ысымын да сөзгө алуу, алибетте, биз үчүн сыймык эмеспи! Ал агабыз 20 жылдан бери Кыргыз Мамлекеттик Медицина институтунда кызмат өтөөдө. Медицина илимдеринин кандидаты, кулак, мурун, тамак оорулар дарылоо кафедрасынын доценти Мамтулахун акенин өмүр жолун барактап көрсөк, анын өз кесибине чын дилинен берилгендиги, окууга, үйрөтүүгө болгон тырышчаактык сапаты, студенттерге болгон өзгөчө күйүмдүүлүгү, катуу талап коё билгендиги, суу түбүндөгү таштардын арасында жаркырап күйүп турган жакуттай алыстан байкалып турат. Адам баласынын ким экендиги анын эмгегинен байкалат эмеспи. Анда эмесе биз ошого назар салалычы.

1930-жылы Кыргызстандын борбору Фрунзе шаарында жашаган уйгур үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Ал 1944-жылы Медицина окуу жайына кирип, аны эң жакшы баалар менен бүтүргөндөн кийин 1947-жылы ушул жер-



деги Мединститутка биринчи кадамын таштаган эле, 1952-жылы бул окуу жайын да эң жакшы аяктагандан соң, республикабыздын саламаттыкты сактоо Министерствосуна инспектор болуп ишке орношот. Дал ушул кездерде эмгекти сүйө билгендиги, үлгүлүү эмгеги жана адептүүлүгү жогору бааланып, 1957-жылы лениндик Коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынат. Чындыгында бул окуя анын өмүрүндөгү унутулгус зор маанилүү учур болуп калды. Анда кийинки жылдарда кадрлар жана окуу бөлүмдөрүндө иш алып барды. Бирок да анын жүрөгүнүн түпкүрүндө билимге деген сагынычтын жалыны алоолоп жүргөн эле. Акыры ошол үмүт-арзуусу 1963-жылы аспирантуранын дарбазасын кактырды. 1967-жылы Фрунзедеги Онкология институтунда кандидаттык диссертациясын жактады. Илимпоздор тобу анын илимий эмгегин жогору баалап, кандидаттык наамга татыктуулугун бышыктады. Ошентип, Мамтулахун аке советтик Медицина илимпоздорунун катарынан орун алды. Диссертациясынын темасы: «Дем алуу жолдорундагы рак оорулары» жөнүндө эле. Кыргызстандагы рак ооруларынын пайда болуу себептери жана анын адамдардын жашаган жерлерине байланыштуу экендиги, өз ара мамилелери, андан башка
бөтөнчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүп, илимий тыянактар
чыгарылды. «Кыргызстанда жашап жаткан орус элдери-
нин кекиртек-тамак, өңгөчтөгү рак оорулары жергиликтүү
элдерге салыштырганда 10 эсе көп учурай тургандыгынын
себептери,— деп жазылган диссертацияда,— алардын тех-
ника жана газ менен байланышкан иштерде алектенүүсүн-
дө. Ал эми анын тескерисинче, жергиликтүү элдердеги
мурда пайда болгон рак оорулары, орус калкыныкына
салыштырганда 10 эсе көп учурайт. Мындай болуусунун
себеби — жергиликтүү калк чарбачылык, дыйканчылык
талааларында эмгектенишкендиги үчүн бул белгилүү
ооруга дуушарланууда». Мына ушул айтылгандар өмүр-
дөгү айкын фактылар менен далилденген. Ошондой эле
ушул диссертацияда насыбай, тамеки ж. б. тартылчу нар-
командык заттардын эсебинен рак ооруларынын пайда бо-
лушунун негизи түптөлөрү баса көрсөтүлгөн. Практикада
рак менен ооругандардын 90 проценти тамеки жана на-
сыбайды колдонуудан боло тургандыгы аныкталган.
Ошондуктан «тамеки — адамдын ден-соолугу үчүн өтө
зыяндуу»,— деп анын сыртына бекеринен жазылган эмес.
Орто Азия боюнча эсептегенде рак оорусу менен ооруган-
дардын дээрлик көпчүлүгү насывай атуучулардан болгон.
Ташкен шаарындагы лабораторияда жүргүзүлгөн тажрый-
балардын толук далилдегендери системалуу түрдө жазы-

лып катталган. Ар кандай ооруларды дарылоодо же анын алдын алууда ошол оорулардын тарыхын терең үйрөнүүгө байланыштуу экендиги белгилүү. Ошон үчүн бул илимий негизде толук далилденген медициналык далилдери жогору бааланып Ибрагимов Хожахунович медицина илиминин кандидаты деген жогорку наамга татыктуу болуп отурат.

Диссертация ийгиликтүү аяктаган соң, 1968-жылдан баштап Кыргызстан Мамлекеттик медициналык институтунун «Кулак, мурун, тамак» оорулары кафедрасында доцент болуп иштей баштады. 1974-жылдан бери карай ошол институттун дарылоо кафедрасында декандык милдетти аткарууда. Азыркы учурда Мамтулакун Хожахуновичтин медицина илими тууралу жазылган 60ка жакын эмгектери медицина илимине кызыккандарды, студенттерди ортоктош кылды. Дегинкисинде алар Кыргыз Республикасындагы медицина илимине кошулган баалуу салымдардан болуп саналат.

Казакстан темир жол станциясында көп жылдардан бери врачтык кесипте иштеп келе жаткан Камбаров Назим ака, өзүнүн жаңыдан Цинцзяндан келген учурларын эскерип М. Ибрагимов жөнүндө мына буларды чын дилинен айтып берген:

«Мен Пекиндеги Мединститутту бүтүргөн болсом дагы, Совет мекенине келгенден кийин орусча сөз билбегендигим үчүн ишке жараксыз абалда калган элем. Бирок, мен жол издештире баштадым. Бир күнү апам экөөбүз Мамтулахун акенин үйүнө издеп барып, акыры аны таптык. Ал мени биринчи жолу Мирраһимовго алып барып ишке орноштурду. Анан дагы эки жылдык окууга өтүшүмө себепкер болду. Мен өз өмүрүмдөгү жүрөгүмдү кыйнап жүргөн эң негизги маселени чечип алдым. Ошону менен мен дүйнөгө жаңы көз ачкандай болдум. Улуу Орус тилин үйрөндүм. Ушуну менен орус тилиндеги китептерди окуу, орус тилинде жазыш, өз ой-пикиримди орус тилинде бере билүү касиетине жетиштим. Өмүрүмдөгү бул чоң бурулуш эч качан унутулбайт. Бул окуя сөзгө алынганда Мамтулахун акенин ысымы түнкү жылдыздардай жүрөгүмдө жарык чачат, мен Мамтулахун акеге эң чоң ыраазылыгымды билдиремин»...

Демек, ушул жогорудагы айтылгандардан улам мындайча тыянак чыгарууга болот. Мамтулахун аке чындыгында эле өз кесибинин ой-чуңкуруна чейин жакшы билген, аны жүрөгүнүн тереңинен сүйгөн, адамдын саламаттыгын сактоодо мамлекеттик милдетти чын дилинен сезген, адамгерчилиги мол алдыңкы коммунист. Анын



36 жылдык эмгек жолундагы жетишкен ийгиликтери — алган сыйлыктарынан деле айкын көрүнөт. Мамтулахун Ибрагимов он жолу Кыргызстан салматтык сактоо Министерствосунун Ардак Грамотасы менен сыйланып, эки ирет Бүткүл Союздук Ленин Комсомолунун грамотасына татыктуу болгон. Үч ирет Республикабыздагы профсоюз комитетинин грамотасына жетишкен болсо, 1959-жылы «СССР саламаттык сактоосунун отличниги», 1979-жылы «Бүткүл союздук Жогорку окуу жайларынын отличниги», 1982-жылы «Кыргыз ССР элге билим берүү министерствосунун отличниги» деген ардактуу наамдарга татыктуу болду.

Ар кандай окутуу иштеринде эки нерсе көңүлгө алынат. Биринчиси — окутуучу чоң билимге эгедер болушу жана өз кесибин толук билиш керек. Экинчиси — окутуучу өз билимин таратууда жогорку ыкмага — методикага, жогорку талаптуулукка ылайык иш алып барышы зарыл. Мына ушул учурда гана окутуучу жеңишке жетишет. Окуучуларга билим беришүүдө окуу китептери менен чектелүү, бул — догматикалыкка алып барат. Мамтулахун ага болсо, Кыргызстан мамлекеттик медициналык институтта ушуга карама-каршы метод колдонуп келе жаткан чебер устат. Ал жеке кесиптик билим берүү менен гана чектелип калбастан, жаш өспүрүмдөрдүн дүйнөгө Маркстиче, Ленинче материалисттик көз караштарын калыптандырууда талыкпай иштеп келе жаткан педагог-врач. «Марксизм-ленинизм илимин үйрөнүү,— дейт Мамтулахун аке,— бул адамдын улуулугун, адамдарга кызмат кылуу эң зор милдет, аларга шарт түзүү совет түзүлүшүнүн эң негизги эрежеси экендигин, совет адамдарынын куунак, шаттуу өмүр сүрүшү үчүн медициналык жардам берүүнүн мамлекеттик иш экенин ачык түшүндүрүп берет».

Булар өзгөчө туура айтылган сөздөр. Эгерде, кимде-ким өз кесибин илимий негизде түшүнбөсө, ал адамзат үчүн эч кандай пайда бере албайт. Советтик элдерди акысыз дарылоонун өзү эле — адамга деген камкордуктун эң сонун үлгүсү эмеспи.

Биз, Ибрагимовго кайрылып азыркы кайра куруу, демократия тууралуу партиянын саясатынын өзү иштеп жаткан жогорку окуу жайында кандайча ишке ашырылып жатканы жөнүндө айтып беришин өтүндүк:

— Кайра куруу жана демократия биздин окуу жайыбыздын турмушуна өз жаңылыктарын киргизүүдө,— деп сөзүн баштады Хожахунович,— студенттер жатаканаларын өздөрү тейлейт, жатаканадагы орунду кимге беришин акыйкаттап, алардын өздөрү чечишет. Акырындап комен-

данттар да алардан болуусу эске алынууда. Бизде илимпоздор советинин 25 процентин студенттер ээлейт. Алар окутуучуларга таандык болгон өз ой-пикирин ачык айтууга толук укуктуу. Кимдер эски метод менен лекция окуп, ал эми кимдер болсо китеп менен гана чектелип жаткандыктары тууралу өздөрүнүн көз караштарын ачык айтууга чек коюлбайт. Ошондой эле бетке айтуучулар куугунтукка учурабайт. Институттагы партиялык бюронун мүчөлөрүнүн катарында студенттер да бир кыйла. Партиялык чогулуштарда алар окутуучуларга өз бааларын беришип, саясий иштерге толук аралаша алышат. Биздин институттагы азыркы кайра куруу саясатыбыздын канчалык даражада ишке ашып жаткандыгынан кабар берүүчү чыныгы мисалдар мына ушулар.

Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе, ал — биздин окуу жайыбыздын ар бир курсунда көп улуттун өкүлдөрү канатташ билим алууда. Алардын арасында уйгур жаштары да аз эмес. Алар тырыша окуп, эң жакшы деген бааларга татыктуу болууда. Алсак, Абдулаева деген уйгур кызынын институтту эң жакшы деген артыкчылык дипломун алгандыгын биздин окутуучулар бүгүнкү күнгө чейин унутушпайт...

Мамтулахун акенин айткан ийгиликтери, чындыгында эле, өтө орчундуу. Азыркы учурда кайсыл жогорку окуу жайына барсаңыз, уйгур жаштарынын билим алып жатканына күбө болосуз. Бул «уйгурлар өз балдарынын билим алуусуна көңүл бурушпайт» деген далилсиз көз караштарга жооп болуп эсептелет.

Мамтулахун Хожахунович Ибрагимов Фрунзе шаарында туулуп, өскөн учурларда өз турмушунун көптөгөн жылдарын изденүү, окуу, окутуу — орус тилинде лекциялар даярдоо менен өткөзсө дагы, өз эне тилин унуткан эмес. Ошондой эле өзбек, кыргыз тилдеринде жакшы сүйлөйт. Акырындагы айтар сөз — өз эне тилин билбегендик, өз тарыхын унуткандыкка жатат.

Биздин бул баяныбыз бекер жеринен «ак халатчандар...» деп аталган жок. Анткени, белгилүү үй-бүлөдө алты адам врачтык кесипте иштешет. Өмүрлөш жолдошу Махинур дагы, эки уулу Ибрагимовдор да азыркы учурда ак халат кийинип жүрүшкөн болушса, кичүү келини менен эң кенже кызы мединституттун акыркы курсунда окушууда.

Мусахунова Махинур медицина илиминин кандидаты деген илимий наамга татыктуу болгон киши. Азыр Акушер-гинекология илим изилдөө институтунун лабораториясынын бөлүмүн башкарууда. Махинур 1967-жылы мединститутту артыкчылык дипломду менен аяктап, 1970-жылдан Коммунисттик партиянын мүчөсү. Махинурдун кандидаттык диссертациясынын темасы «Балдардын физиологиясы» тууралуу эле. Балдардын физиологиясы, алардын жашаган географиялык шарттарына байланыштуу экендигин илимий негизде далилдеген.



Кыргызстандын деңиз деңгээлинен 3200 метр бийиктигинде жашашкан балдардын физиологиясы 2400 метр бийиктикте жашаган балдардын физиологиясына түк дагы окшошпойт. Булар илимий изилдөө иштерин тереңдетүүнү эчактан талап кылып келген. Дал ушулар жөнүндө жазылган диссертация окумуштуулар советинде терең талданып, чоң баага ээ болуу менен, кандидаттык илимий даражага татыктуу деп табылды. Советтик медицина илимпоздорунун сабына уйгур кызынын кошулуусу, бул — Кыргызстандагы уйгур калкы үчүн дагы бир олуттуу утуш болду.

Махинур жеке эле окумуштуу болуп тим болбостон, өз ишинде колу чебер, нукура энелик мээримдин сезимдерге бай адам. Ал орус тилинде биринчи класстан баштап окуса дагы, өз ата-бабасынын үрп-адатын эсинен эч убакта чыгарган эмес. Аларды ар дайым урматтап, өнүктүрүп келүүдө. Эки уул, бир кызына дагы өзүнө татыктуу тарбия берип, Махинур өз келиндерине ушундай асыл сапаттарды сиңирүүгө аракеттенген кең пейил, ак көңүл эне.

Чоң уулу Ибрагимов Мухтар 1980-жылы Кыргызстан Мамлекеттик Мединститутун бүтүргөндөн кийин, республикалык ооруканада бүгүнкү күнгө чейин эмгектенүүдө. Ал өз атасынын жолун улантуучу врач, «кулак, мурун, тамак оорууларь» боюнча дарылоо адистигине жеткен. Атанын жолун улап, ишинде өркүндөтүлгөн жаңы ыкмаларды колдонот. «Үмүтсүз — жалгыз шайтан» дешет элибиз. Аны алга жетелеген да үмүт. Бул инибиздин алдына койгон максаттары да зор. Ал да атасына окшоп, билимдин туу чокусуна кадам койсом дейт. Тырышуу, изденүү, билимдин ар бир чыйыры менен сапар тартууну кимдер гана эңсебесин! Бирок, анын баары эле, ар кимдин колунан келе бербестиги белгилүү. Биз инибизге келечек максаты үчүн талбай эмгектенүүсүн каалар элек.

Врач инибиздин жары Гүлнара Халмурзаева Кыргызстан мамлекеттик университетинин француз тилин окуп бүтүрүп, азыр шаарыбыздагы № 46 мектепте эмгектенип жаткан педагог.

Окумуштуу ага менен окумуштуу жеңебиздин экинчи уулу Ибрагимов Акрам өткөн жылы эле мединститутту ийгиликтүү аяктап, стаматолог адистиги боюнча элге кыз-

мат кылуу үчүн жаңы кадам койду. Биз бул иниБиздин эл алдындагы милдетин чын ыкласы менен иш жүзүнө ашыраарына ишенип, Мекендин, элдин алкышына эгедер болушун каалайбыз. Ата-эненин акылын көңүлгө түйүп, толкуган ойлордун термелиши менен келечекке карай бийик канат сермесин. Бул иниБиздин айжамалы, өзүбек кызы Зульфия, азыр Кыргызстан мамлекеттик мединститутунун фармацептикалык факультетинин акыркы курсунда окуп жатат.

Окумуштуу эне Махинур Мусахановандын өз жолун баса турган жалгыз кызы. Тамарахан Ибрагимова энесинин жолун жолдоп келечекте врач болуу үчүн, азыр Кыргызстан мамлекеттик медицина институтунун 4-курсунда окуп жатат. Тамарахан 10 жылдыкты өңчөй беш деген баалар менен аяктаган. Азыр дагы институтту бешке окуп келүүдө. «Энени көрүп кыз өсөт» деген макал дагы төгүн жеринен чыкпаса керек. Энени сүйүү, эне жолун эринбей жолдоо, эненин ишин улантуу чыныгы тарбиялуу үй-бүлөдөн чыккан кыздарга таандык нерсе. Тамарахан дал ушундай таалим-тарбиялуу бүлөнүн ишин улантуучулардан.

Үй-бүлөнүн эң чоң бактысынын бири — андагы ынтымак, бирин-бири урматтоо, «Ынтымак бар жерде — ырыс бар» — деген жакшы макал бар эмеспи, окумуштуу Мамтулахун ага менен окумуштуу эже Махинурдун жаш кезден турмуштары таттуу башталып, балдары, келиндери, неберелери чогуу-чараан бирге турушат. Булар жалаң гана «Ак халатчандар үй-бүлөсү» болуу менен чектелбестен билимдин тереңин көздөй канат сермеп, ак эмгекти аздектеп сүйүүчүлөр. Бир келип кеткен өмүрдүн маңызын терең түшүнгөн үй-бүлөлөрдөн. Бир үй-бүлөнүн бактысын Мекендин бактысынан, элдин бактысынан бөлүп кароого болбостугу баарыбызга белгилүү го. Демек көп улуттуу мекенибиздеги уйгурлардын азыркы турмушу — ушул кенедей уйгур үй-бүлөсүнүн турмушунан байкалышы мүмкүн. Мамтулахун аганын үй-бүлөсү биз үчүн ар дайым үлгү болорлук үй-бүлөлөрдүн биринен экендигинде сөз жок.

## МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Ардагер . . . . . . . . . . . | 3 |
| Көрүнүктүү окумуштуу . . . . . | 13 |
| Хирург . . . . . . . . . . . | 19 |
| Кутман ага . . . . . . . . . . | 25 |
| Ахмед аке . . . . . . . . . . | 32 |
| Жубайлар . . . . . . . . . . | 35 |
| Эмгек кайтарымы . . . . . . . . | 45 |
| Врачтар . . . . . . . . . . | 49 |
| Хаким Жапарович . . . . . . . | 56 |
| Ак халатчандар . . . . . . . . | 60 |

*Массово-политическое издание*

***Маметбакиев Абдулазиз***

**ЛЮДИ, Я ВАМ ОБЯЗАН**

Издательство «Кыргызстан»

На киргизском языке

*Саясий-массалык басылыш*

***Маметбакиев Абдулазиз***

**ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮРЛӨР**

Редактору Б. Акишев
Кенже редактору Ж. М. Иманбаева
Сүрөт редактору А. И. Ерошенко
Техн. редактору Ж. А. Искакова
Корректору Ж. Байсеркеева

ИБ № 4769

Терүүгө 22. 12. 89. берилди. Басууга 14. 03. 90. кол коюлду. Д—02167. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий арип, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы $84 \times 108^1/_{32}$, 2,125 физ. басма табак, 3,57 шарттуу басма табак, 3,621 учёттук басма табак, 3,947 боёк түшүрүү. Тиражы 1000. Заказ № 266. Баасы 10 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы. 720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

10 т.

